**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

**Д 13.18.573 диссертациялык кеңеши**

Кол жазма укугунда
**УДК 370:947.1 (575.2)**

**ЗУЛУЕВ БЕКМУРЗА БЕКБОЛОТОВИЧ**

# XIX КЫЛЫМДЫН ЭКИНЧИ ЖАРЫМЫНДАГЫ ЖАНА XX КЫЛЫМДЫН БАШЫНДАГЫ БИЛИМ БЕРҮҮ ТАРМАГЫНЫН ТАРЫХЫЙ ӨНҮГҮШҮ (ФЕРГАНА ӨРӨӨНҮНҮН МИСАЛЫНДА)

**13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы**
**Педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын**

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек – 2019**

Диссертациялык иш А. Мырсабеков атындагы Ош гуманитардык-педагогикалык институтунун педагогика жана жекече усулдар кафедрасында аткарылды

**Илимий кеңешчи:** **Муратов Абдыкерим Жаркынбаевич,** педагогика илимдеринин доктору, профессор, И.Арабаев атындагы КМУ, педагогика кафедрасынын профессору

**Расмий оппоненттер:** **Алимбеков Акматали Алимбекович,** педагогика илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз-түрк «Манас» университетинин педагогика кафедрасынын башчысы

**Раимкулова Ажарбүбү Супуровна,** педагогика илимдеринин доктору, профессор, Ж.Баласагын атындагы КУУнун жогорку мектептин педагогикасы кафедрасынын профессору

**Курбанова Назира Умаровна,** тарых илимдеринин доктору, профессор, И.Арабаев атындагы КМУнун тарых факультетинин деканы

**Жетектөөчү мекеме:** С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик унивеситетинин педагогика жана окутуунун технологиялары кафедрасы.

(722600, г. Нарын, ул. Ленина, 127).

Диссертациялык иш 2019-жылдын__________саат 14.00до И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча Д 13.18.573 диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот.

**Дареги:** 720026, Бишкек шаары, Раззаков көчөсү, 51.

Диссертациялык иш менен И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Илимий китепканасынан таанышууга болот.

**Дареги:** 720026, Бишкек шаары, Раззаков көчөсү, 51. (www.arabaev.kg).

Автореферат 201_-жылдын _________ таркатылды

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,**
**педагогика илимдеринин доктору, профессор** **Калдыбаева А.Т.**

## ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Кыргыз Республикасы эгемендүү мамлекет болгон XX кылымдын соңку он жылдыгынан тартып улуттун өзүн өзү таануусу, иденттүүлүгүн жана менталитетин түшүнүүсү жаңы бийиктикке көтөрүлдү, тарыхка жана улуттук башка баалуулуктарга көз карашы прогрессивдүү тарапка карай өзгөрдү. Элдин жана мамлекеттин, улуттун өткөн мезгили кайра бир жолу электен өткөрүлүп, мурдагы айтылбай кеткен «ак тактар» айтылып, жазылбай кеткен учурлар толукталды, бул илимий калыс жана объективдүү баа эч кимге көз каранды болбогон эгемендүүлүктүн таасиринен улам айтыла баштады. Тоталитардык-бюрократиялык, буйрукчул коомдун чидеринен бошогон кыргызтаануучулар илимий чөйрөгө жана жалпы эле окурмандарга жаңы эмгектерин тартуулашты.

Бул тарыхый, философиялык, саясий процесс болгон, ал мезгил аралыгындагы жана территориялык аймактагы билим берүү уюмдарынын абалын кароо үчүн азыркы коомдук илимдердин, анын ичинде педагогиканын парадигмаларын ааламдашууга, компетенттүүлүккө, интеграциялык процесске, тарыхка жана педагогиканын тарыхына саясатташпаган объективдүү көз карашка буруунун зарылдыгы келип чыкты. Натыйжада «замана» багытындагы акындардын (Арстанбек, Калыгул, Молдо Ныяз, Молдо Кылыч, Туяк ырчы, Алдаш Молдо, Жеңижок, Эшмамбет, Эсенаман ж.б.) мурда реакциячыл деп тыюу салынган китептери чыкты; советтик учурда сталиндик репрессияга туш келген авторлор (К. Тыныстанов, И. Арабаев, Казыбек казалчы ж.б.) акталып, чыгармалары жарыяланды; кыргыз тарыхын кылдат жазса да, эмгектери «кара ящикке» салынган тарыхчылар (Б. Солтоноев, О. Сыдыков, Ж. Абдырахманов, Б. Исакеев ж.б.) эл тарабынан өз баасын алууга татыды; феодалдар, эзүүчү тап, бай-манаптар деп калкка терс жактары гана айтылып келген тарыхый личносттордун (Атаке, Жантай, Шабдан, Алымбек, Тайлак, Боронбай, Ормон, Төрөгелди, Байзак, Байтик ж.б.) оң жактары көрсөтүлүп, улуттук тарыхтагы орду даңазаланды; жаңы көз караштыгы 14 томдук «Кыргыздар», 10 томдук «Кыргыз адабиятынын тарыхы», 3 томдук «Кыргыз тарыхы» ж.б. фундаменталдуу эмгектер элге тартууланды.

Мына ушул процессте эл агартуунун жана билим берүүнүн тарыхында да кайра каралууга тийиш болгон көп проблемалар бар экендиги талашсыз. Биздин изилдөөнүн *проблемасы* да тарых жана педагогика илимдеринин объектисине кирип, биринчиси, тарыхый фактылар, маалыматтар менен теманы ачып берүү; экинчиси, тарыхый бир доордогу агартуу жана билим берүү процессин педагогикалык аспектиден карап, окутуу системасын, окуу программаларын, окуу китептерин, окуу каражаттарын, предметтерди үйрөтүү методикасын, окуу уюмдарынын кадрлар менен камсыздалышын анализдеп жаңыча прадигмалар жана көз караштар менен анализ берүүгө байланыштуу болду.

Биздин бул теманы тандообуздун себеби: биринчиси – азыркы учурда Өзбекстанга, Кыргызстанга жана Тажикстанга карап калган Фергана өрөөнү XIX кылымдын экинчи жарымында жана XX кылымдын башында бири-бири менен тыгыз маданий, диндик, экономикалык-рыноктук катышта болгон бирдиктүү бир аймактык алкакта турган; экинчиси – бул аймактагы эл аталган мезгил аралыгында бир мамлекеттин (адегенде Кокон хандыгы, кийин Падышалык Орусия) курамын түзгөн; үчүнчүсү – тоо айылдарында жашаган кыргыз улутундагы жаштардын көпчүлүгү медреселерди, жадидчилик окуу жайларын, орус-тузем мектептерин Фергана өрөөнүнүн ички шаарларынан (Наманган, Кокон, Анжиян, Маргалан, Кожент ж.б.) бүтүрүп келген; төртүнчүсү – учурдагы Кыргызстандын Ош, Жалал-Абад, Баткен областтарына XIX кылымдын экинчи жарымында жана XX кылымдын башында илим-билим таркаткан диний кызматкерлер, жадидчилер жана башка агартуучулар негизинен ири шаарлардан билим алып келген келген агартуучулар болгон.

Биз изилдөөгө алган мезгилдеги жана аймактагы билим берүүнүн тарыхын изилдөөчүлөрдү бир нече топко бөлүп карадык. Биринчи топ: Орусия империясы учурундагы падышалыктын мамлекеттик жана аскердик кызматкерлеринин (Ф.М. Керенский, А.П. Хорошхин ж.б.), чыгыш таануучу окумуштуулардын (В.В. Вельяминов-Зернов ж.б.), агартуу тармагында иштегендердин (С.М. Граменицкий, В.И. Кушелевский, А.Л. Кун, В.П. Наливкин, Н.С. Ликошин ж.б.) күндөлүктөрү, заметкалары, очерктери; экинчи топ: советтик доордогу тарыхчылардын (Д. Айтмамбетов, Н. Архангельский, В.В. Бартольд, В. Билик, А.Е. Захарова, Б. Жамгырчиев, И.М. Муминов, Ш. Рахимий, А. Шукуров, К. Үсөнбеков, В.М. Плоских ж.б.), педагогиканын тарыхы боюнча адистердин (И.Б. Бекбоев, К.Е. Бендриков, А.Э. Измайлов, А. Мухаммаджонов, Р. Рахимов, М. Рахимова, М.М.Эсенгулова ж.б.) эмгектери; үчүнчү топ: эгемендүүлүк жылдарында өзбек (И.А. Алимов, М.О. Алихожиев, С.Д. Болтабаев, Ш. Вахидов, Г.С. Исобаева, Ш.Т. Колдошев, Б.Б. Маллабаев, Г.Ф. Салижанова, Ө.А. Султанов, Б.М. Расулов, Т.Д. Худайкулов ж.б.), кыргыз окумуштуулары (Т. Кененсариев, К. Молдокасымов, Т.Н. Өмүрбеков, Т. Өмүрзакова, А. Кубатова, М.Ш. Султанова ж.б.) тарабынан жазылган диссертациялык эмгектер, окуулуктар, китептер жана макалалар; төртүнчү топ: алыскы чет өлкөлүк саякатчылардын жана окумуштуулардын жол очерктери, экспедициялык күндөлүктөрү, илимий маалыматтары.

Изилдөөлөрдүн мына ушундай аспектиси жана ал эмгектердин жалпы анализи бул темада төмөнкүдөй *себептердин жана карама-каршылыктардын* дагы дале бар экендигин тастыктады: кыргыз тарыхы жалпысынан жаңы көз караштары менен ар кандай аспектиден кеңири изилденип жатса да, ошолордун ичинен билим берүүнүн жана педагогиканын тарыхы али жеткиликтүү иликтенбей жаткандыгы; Түштүк Кыргызстандын Фергана өрөөнүнөн орун алып, бул жердегилер ал аймактагы башка калктар

менен тыгыз тарыхый, маданий байланышта болуп келсе да, изилдөөлөрдө мына ошол биримдиктеги, окшош өнүгүүдөгү закон ченемдүү процесстерди педагогикалык аспектиден биримдикте, ырааттуу кароонун жетишсиздиги; кыргыз элинин бир катар бөлүгүнүн диний сабаттуулугу болгондугуна карабай, текши сабатсыз болгон деген жасалма пикирдин үстөмдүк кылып келе жатышы жана бул жалган пикирди илимий жактан төгүндөөнүн ишке ашпай келиши; ислам дини боюнча агартуу иши бир топ бийиктикке жеткен болсо да, илимий адабияттарда бул багытта иш жүргүзгөн окуу жайларынын тарыхый жана педагогикалык орду жеткиликтүү белгиленбей келгендиги; XIX кылымдын экинчи жарымында жана XX кылымдын башында Фергана өрөөнүндө ар түрдүү билим берүү уюмдары болсо да, алардын айырмачылыктары жана жакындыктары атайын изилдөөгө алынбай келиши ж.б.

Мына ушундай карама-каршылыктардын болушу жана аларды чечүүнүн жолдорун издөө «XIX кылымдын экинчи жарымында жана XX кылымдын башындагы билим берүү тармагынын тарыхый өнүгүшү (Фергана өрөөнүнүн мисалында)» деген темада докторлук диссертация жазууну шарттады.

**Диссертациянын темасынын илимий мекемелердин жүргүзгөн илимий-изилдөө иштери менен болгон байланышы.** Диссертациялык иш А.Мырсабеков атындыгы Ош гуманитардык-педагогикалык институтутунун педагогика жана жекече усулдар кафедрасынын 2013-2018-жылдардагы илим изилдөө ишинин планы менен байланышта аткарылды.

**Изилдөөнүн максаты:** Фергана өрөөнүндөгү XIX кылымдын экинчи жарымындагы жана XX кылымдын башындагы билим берүү уюмдарына коомчулуктун жана мамлекеттин мамилеси, алардын эл арасындагы орду, тарыхый өнүгүүсүнүн этаптары, окутуу жана тарбиялоо өзгөчөлүктөрү.

Мына ушул коюлган максатка ылайык диссертациянын төмөнкүдөй **милдеттери** келип чыкты:

1. XIX кылымдын экинчи жарымындагы жана XX кылымдын башындагы Фергана өрөөнүнүн билим берүү тармагынын тарыхый өнүгүшүн методологиялык-теориялык изилдөөнүн азыркы абалы.
2. XIX кылымдын экинчи жарымында жана XX кылымдын башында Фергана өрөөнүндөгү ислам динин үйрөтүүчү мектеб-медреселердин окуу ишмердүүлүгүн уюштуруу өзгөчөлүктөрү.
3. XIX кылымдын экинчи жарымындагы жана XX кылымдын башындагы Фергана өрөөнүндөгү мектеб, медреселердин билим берүү ишмердүүлүктөрүн уюштуруунун традициялуулугу жана новаторлугун изилдөө.
4. Фергана өрөөнүндө билим берүүдөгү жадид жана орус-тузем мектептеринин пайда болушунун коомдук-тарыхый өбөлгөлөрү жана алардын педагогикалык ишмердүүлүктөрүнүн өзгөчөлүктөрүн мүнөздөө.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:** Кыргыз педагогикасында теманын буга чейинки изилденишинин тарыхый эволюциясы бир нече этаптарда көрсөтүлгөн жана жаңы табылган архивдик документтер, илимий булактар менен педагогиканын заманбап прадигмаларына ылайык алгачкы жолу толукталган; Фергана өрөөнүндөгү XIX кылымдын экинчи жарымындагы жана XX кылымдын башындагы билим берүү мекемелеринин коомдогу ролу анализденүү жана синтезделүү менен дүйнөлүк педагогиканын методологиясына ылайык өркүндөтүлгөн; аталган аймактагы жана аталган мезгил аралыгындагы медреселердин, орус-тузем мектептеринин билим берүү өзгөчөлүктөрү талдоого алынып, биринчи жолу педагогикалык аспектиден системалаштырылган. Жогорудагы проблемаларды изилдөөдө тарыхый фактыларга жана көрүнүштөргө илимий-теориялык аспектиден диалектикалык, объективдүү, статисттик баа берүү методологиясы ишке ашырылып, билим берүүнүн жана педагогиканын тарыхын изилдөөдөгү көптөгөн методдор жана ыкмалар азыркы ааламдашуунун шарттарында ылайык өнүктүрүлгөн. Изилдөө процессинде көптөгөн тарыхый объектилер тууралуу маалыматтар алынып, алгачкы жолу медреселер менен каарыханалардын орду белгиленип, картасы кагазга түшүрүлгөн.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси.** Изилдөөдөн келип чыккан тыянактарды жана сунуштарды педагогикалык багыттагы жогорку жана орто окуу жайларындагы «Педагогиканын тарыхы», «Педагогиканын жана билим берүүнүн философиясы», «Педагогикалык теориялар, системалар жана технологиялар» дисциплиналары боюнча окуу программаларынын, окуу китептеринин, илимий-методикалык эмгектердин мазмунун өркүндөтүүдө, студенттер курстук, дипломдук иштеринде, магистрлер жана аспиранттар диссертациялык изилдөөлөрүндө пайдаланышы мүмкүн.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор:**

1. XIX кылымдын экинчи жарымындагы жана XX кылымдын башындагы Фергана өрөөнүндөгү билим берүү уюмдарынын тарыхый өнүгүшүн изилдөө заманбап методологиялык-теориялык, педагогикалык, тарыхый, архивдик, биографиялык материалдарды ааламдашуу шарттарына, азыркы илимдердин интеграцияланышына, педагогиканын тарыхын саясатташтырбоо парадигмаларына ылайык иштеп чыгуунун зарылдыгын талап кылат. Аталган аймактагы жана мезгилдеги билим берүү ишине байланыштуу тарыхый документтер, сүрөттөр, европалык жана орусиялык саякатчылардын жол баяндары, күндөлүктөрү, медреселерде билим алган жазгыч акындардын чыгармалары тема боюнча ар тараптуу изилдөө жүргүзүүгө, жыйынтыктуу ой айтууга мүмкүнчүлүк берет.
2. XIX кылымдын экинчи жарымындагы XX кылымдын башындагы ислам динин үйрөтүүчү медреселер X-XII кылымдардагы Орто Азия ренессансынын түздөн-түз уландысы болгон жана ошол мезгилдин коомдук-тарыхый абалы менен байланышып турган. Фергана өрөөнүндө Кокон

хандыгы бийлик кылып турган учурдагы диний билим берүү уюмдары ошол мамлекеттин саясатына ылайык хандыктын саясий-маданий турмушунда чоң ролду ойноп келген.

3. Фергана өрөөнүндөгү медреселери X-XII кылымдардагы Орто Азия ренессансынын түздөн-түз уландысы болгон жана сегиз кылым бою калыптанган окутуунун мазмунун, формаларын, каражаттарын жана методдорун, энциклопедист-окумуштуулардын педагогикалык эмгектерин традициялуу билим берүүнүн салттуу өзгөчөлүктөрү катары пайдаланган, ошол эле кезде саясый-коомдук байланыштардан улам ислам окуу жайлары билим берүү тармагына новаторлук ачылыштарды киргизип, мезгилдин коомдук-тарыхый абалы менен байланышып турган.

4. Ислам дини боюнча билим берүүчү окуу жайларынын жадид мектептерине өтүшү, аймакта орус-тузем мектептеринин ачылышы коомдук прогресстин талабы жана билим берүү тармагынын эволюциясы катары эсептелет.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Изилдөөгө байланыштуу илимий-теориялык, илимий-методикалык эмгектер изденүүчү тарабынан өз алдынча талданып, тарыхый, архивдик, музейлик документтер изденүүчүнүн Фергана өрөөнүнүн шаарларына болгон кыдырууларында, Өзбек Республикасынын Ташкент шаарындагы борбордук архивиндеги маалыматтар менен таанышууда өзү тарабынан үйрөнүлдү. Илимий кеңешчиси менен шериктештикте жазган окуу колдонмосунда («Алтын доордун агартуучулары», «Фергана өрөөнүндөгү медреселер») XIX кылымдын экинчи жарымындагы жана XX кылымдын башындагы Фергана өрөөнүндөгү билим берүү уюмдарындагы билим жана тарбия берүү иштеринин уюштурушу, окутуу жана тарбиялоо ыкмалары, методдору жана каражаттары, бул багыттагы илимий изилдөөлөрдүн тарыхы жана практикасы боюнча бөлүмдөрү жеке өзү тарабынан аткарылды.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын тастыкталышы (апробациясы).** Диссертациялык тема боюнча илимий-практикалык конференцияларга докладдар даярдалган: И.Арабаев атындагы КМУда өткөн «Ааламдашуу доорундагы адабият менен педагогиканын орду» (Бишкек, 2017), Урал мамлекеттик педагогикалык университетинде болгон «Запад, Восток и Россия: Исторический опыт межкультурного диалога: Вопросы всеобщей истории» (Екатеринбург, 2017), ОшМУдагы «Ыйман, адеп жана маданият жылына» арналган «Этнопедагогика – заманбап социумдагы этномаданий дөөлөттөрдү сактоонун фактору катары» (Ош, 2017) деген ж.б. эл аралык конференциялар.

Илимий изилдөөнүн жүрүшү жана жыйынтыктары Ош гуманитардык-педагогикалык институтунун педагогика жана жекече усулдар кафедранын отурумдарында талкууланып жана коррекцияланып турду. Эмгек диссертациялык кеңештин алдын ала коргоо боюнча отурумунда

жактырылып, теориялык жана практикалык маанилүүлүгү тастыкталып, коргоого сунушталды.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын толук жарыяланышы:** Иштин негизги жоболору РИНЦ каттоосу бар чет элдик илимий журналдарга чыккан 8 макалада, Кыргызстанда жарык көргөн 11 макалада, жалпы 19 илимий макалада жана 2 монографияда, 2 окуу колдонмосунда, 1 методикалык колдонмодо чагылдырылган.

**Диссертациянын көлөмү жана түзүлүшү.** Диссертациялык иш изилдөөнүн илимий негизин камтыган киришүүдөн, төрт баптан жана алардан пайда болгон корутундулардан, жалпы корутундудан жана сунуштардан, колдонулган адабияттардын тизмесинен (544 адабият, 26 архив материалы), 11 таблицадан, 5 сүрөттөн, 1 картадан турат. 4 тиркемеде 33 фото, 3 архив материалы, 11 архив сүрөтү, 2 карта берилген. Жалпы көлөмү – 310 бет, анын ичинен диссертациянын тексти – 249 бет.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Диссертациялык изилдөөбүздүн биринчи бабы **«XIX кылымдын экинчи жарымындагы жана XX кылымдын башындагы Фергана өрөөнүнүн билим берүү тармагынын тарыхый өнүгүшүн талдоонун изилденишине обзор»** деп аталат. Бул биздин изилдеген темабызды теориялык-методологиялык жактан негиздеп алуучу бап болгондуктан биринчи кезекте аталган мезгил алкагындагы аталган территориялык биримдиктин тарыхый-социалдык абалын мүнөздөп алуу зарыл деп эсептедик. Аны үчүн биз биринчи кезекте *«XIX кылымдын экинчи жарымындагы жана XX кылымдын башындагы Фергана өрөөнүнүн тарыхый-социалдык абалы» аттуу биринчи параграфта* Фергана өрөөнү тууралуу жалпы маалымат бердик. Өрөөндүн географиялык абалы, дыйканчылыкты, багбанчылыкты өнүктүрүүгө жагымдуу климаттын болушу, мол түшүм берүүчү айдоо жерлеринин туш тараптан тоолор менен курчалышы жана ал жактан салкын аба менен таза суунун келип турушу, Улуу Жибек Жолунун тоомунда жайгашышы аймактын демографиялык абалына таасир этүү менен бирге, аскердик-согуштук жактан чыңдалып алган ар түрдүү державалардын (Орусия, Улуу Британия, Кытай) талаш ордосуна айлангандыгын конкреттүү мисалдар аркылуу көрсөтүлдү. Ал эми талашка түшө турган империялар ошол талаша турган жерлерине өз үстөмдүгүн орнотуу үчүн эң биринчи кезекте билим берүү уюмдарын ачып, жаш муунга өз идеяларын сиңдирүү, өздөрүнүн таасирин тийгизүүгө аракеттенет.

Өрөөн дүйнөдөгү калк эң жыш отурукташкан аймактардын бири катары эсептелет, мында Кожент, Кокон, Фергана, Анжиян, Ош, Жалал-Абад, Наманган ж.б. ири шаарлар орун алган. Бул аймак эзелтеден бир өлкөнүн курамында гана болуп, 1920-жылы бир өлкөнүн ичиндеги үч союздук

республикага ажыраган жана ошол Советтер союзу деген мамлекет бөлүнүп кеткенден кийин 1992-жылдан үч эгемендүү мамлекетке алардын областтары катары кошулуп калган.

XVIII-XIX кылымдарда Кокон хандыгына баш ийип, хандыктан борбордук бөлүгү да, хан ордосу да ушул өрөөндөн орун алган, 1876-жылдан Орусия империясынын курамына кошулуп, Түркстан губерниясынын Фергана областын түзгөн.

Фергана өрөөнүнүн XIX кылымдын экинчи жарымындагы демографиялык абалын, анын ичинде элдин жана улуттардын санын көрсөтүүдө С.Н. Абашин, М. Буттино, А. Капплер ж.б. тарыхчылар, социологдор, этнографтар бирдей пикирде эмес. С.Н. Абашин «Этнографическое знание и национальное строительство в Средней Азии («проблема сартов» в XIX – начале XXI в.)» деген темадагы докторлук диссертациясында Түркстандагы 1897-жылкы эл каттоонун жыйынтыгы боюнча ошол мезгилде киргиз-кайсактардын саны – 1 млн. 900 миң, сарттар – 970 миң, өзбектер – 730 миң, түрктөр – 400 миң, тажиктер – 350 миң, түркмөндөр – 250 миң, кара кыргыздар – 200 миңдей болгон деп жазат. Мына ушул түркстандыктардын чоң бөлүгү Фергана өрөөнүндө жашаган. Фергана өрөөнүндө титулдуу эл катары өзбектер, тажиктер, кыргыздар эсептелип, алардан башка уйгурлар, букар еврейлери, арабдар, калмактар, лөлүлөр, барластар, лакайлар да турак кылган. Адамдарды «ак сөөктөр», «батырактар», «малайлар» деп бөлүшкөн, дини жагынан сунниттер, шииттер, исмаилиттер деген исламий агымдарга киришкен, уруу-уруктарга бөлүнүү күчтүү өнүккөн.

Эмгекте Кокон хандыгынын учурундагы жана Орусиянын курамындагы мезгилдеги Фергана өрөөнүнүн саясый, экономикалык, маданий абалына кыскача обзор берилип, тарыхый өңүттөн өрөөндүн тарыхый кырдаалы көрсөтүлдү. Кокон хандыгынын деспотизими менен Падышылык Орусиянын оторчулук саясаты Фергананын өнүгүшүн өтө алдыга жылдырып жибербегени менен *табигый прогресс болду, ал процесс адабияттарды* анализдөө аркылуу чагылдырылды.

Эмгекте биз изилдеген тарыхый мезгилге (XIX кылымдын экинчи жарымы жана XX кылымдын башы) жана географиялык алкакка (Фергана өрөөнү), биринчиден, тарыхый аспектиден анализ жүргүзүлдү, б.а., окуяларды, окуялардын өнүгүшүн, ошол окуяга кимдер катышкандыгын жана ошол окуядан эмне натыйжалар чыккандыгы көрсөтүлдү, ошол эле учурда тарыхый мезгилдеги Фергана өрөөнүнүн билим берүү тармагына педагогикалык аспектиден баа берилди, бул биздин эмгектин башкы багыты болду, б.а., билим берүүнүн салттарынын колдонулушу жана жаңыланышы, окутуу процессинин уюштурулушу, педагогикалык кадрлардын курамынын түзүлүшү, окутуунун мазмуну, каражаттары, формалары, технологиялары ж.б. педагогикалык проблемалар талдоого алынды.

*Экинчи параграф «XIX кылымдын экинчи жарымындагы жана XX кылымдын башындагы Фергана өрөөнүнүн билим берүү тармагын тарыхый-педагогикалык өңүттөн изилдөөнүн эволюциясы»* деп аталат. Бул мезгилдеги

билим берүү тармагын тарыхый-педагогикалык өңүттөн өнүгүүнүн эволюциясын көрсөтүү үчүн бизге чейинки изилдөөлөрдү үч этапка бөлүп алдык: биринчи этап – Фергана өрөөнүндөгү мектеб-медреселердин падышалык Орусия убагында европалык окумуштуулар жана чиновниктер тарабынан изилдениши; экинчи этап – Фергана өрөөнүндөгү мектеб-медреселерди советтик учурда изилдениши; үчүнчү этап – Фергана өрөөнүндөгү мектеб-медреселердин кайра куруу жана эгемендүүлүк учурунда изилдениши. Биринчи этаптагы изилдөөлөр көбүнчө маалыматтык формада болуп, ислам окуу жайлары жана орус-тузем мектептери тууралуу Орусиянын борборунда туруп алып, уккандарын жазып калтыргандар, саякатчы катары Фергана өрөөнүнө келгендер, Түркстан крайынын билим берүү тармактарында иштегендер (В.В. Вельяминов-Зернов, А.П. Хорошхин, М. Михайлов, В.П. Наливкин, Ф.М. Керенский ж.б.) жазышкан. Ошолордун катарында атайын тарыхчылардын, этнографтардын эмгектери да болгон. Бул эмгектер азыр эми арадан 100-150 жыл өтүп кеткен убакта тарыхый окуяларды биринчи булактар катары үйрөнүүгө, кийинки доордогу эмгектер менен салыштырууга чоң жардам берди. Мисалы, Ф.М. Керенский ошол кездеги Борбордук Азиянын салттуу медреселеринин курулушун талдап келип, алар бышкан кыш менен салынган төрт бурчтуу имарат болорун, ичинде талабалар үчүн, айрым жерде мударистер үчүн да үжүрө (кельи) жайгашарын, балдар окуй турган бир нече дарскана, анан сөзсүз намазкана (мечит) боло тургандыгын белгилейт. Булардан башка дагы медресе үчүн зарыл нерселер: дааратканa, чачтарачкана, азанкана (мунара). Бир үжүрө 3-6 аршинди түзүп, ага 3-5 талаба жайгашат. Терезелер болбойт, жарык темир менен тосулган көзөнөктөрдөн түшөт. Тамак мури дегендерде бышырылат, үжүрөлөргө от жагылбайт, байыраак медресе ээлери кышында үжүрөлөргө сандал салып берет.

А.Л. Кун Кокон хандыгынын мектеб-медреселериндеги абал тууралуу статистикалык маалыматтарды топтогон, анын эмгектеринде диний билим жайларындагы вакуп системасы бир топ терең ачылган. Ал XIX кылымдын 70-жылдарында Кокондо – 300 мечит, 120 мектеб, 40 медресе; Маргаланда – 300 мечит, 80 мектеб, 10 медресе; Анжиянда – 200 мечит, 60 мектеб, 6 медресе; Наманганда – 250 мечит, 100 мектеб, 5 медресе болгондугун жазат.

*Экинчи этапта,* XX кылымдын 20-80-жылдарында советтик тарыхчылар, педагогиканын тарыхын изилдөөчүлөр XIX кылымдын экинчи жарымындагы жана XX кылымдын башындагы Фергана өрөөнүнүн билим берүү тармагын изилдөөгө интенсивдүү киришкен. Алар көптөгөн маалыматтарды таап чыгып, тарыхый өнүгүштөрдү жана педагогикалык процесстерди салыштырган. Советтик окумуштуулар илимий концепцияларын басма сөзгө, журналдарга, окуу китептерине жарыялашкан, диссертацияларын жактаган. Бул багытта советтик тарыхчы, чыгыш таануучу В.В.Бартольддун эмгеги өзгөчө зор, анын XX кылымдын 20-жылдарындагы эмгегинде Түркстандын билим берүү тармактарынын өнүгүшү тарыхый аспектиден, жалпы тарыхый өнүгүш менен бирге каралган. Фергана өрөөнүндөгү диний билим берүүчү мекемелердин абалы, окутуу процесси XX кылымдын баш жагында, советтик илим жаңы гана

калыптанып жаткан кезде А.Шукуров, В.Билик, Н. Архангельский, Ш. Рахимий ж.б. адискөй изилдөөчүлөрдүн эмгектеринде чагылдырылган. Проблемага ошол эле кылымдын 50-60-жылдарында «Очерки по истории Средней Азии» деген эмгегинде П.П. Иванов, «Некоторые данные об исламских учреждениях и политика царских властей в Туркестане», «Поземельный вопрос в Туркестане» аттуу эмгектеринде А.П. Савицкий, «Из истории развития общественно-философской мысли в Узбекистане (конец XIX и начало XX вв.)» деген китебинде И.М. Муминов ар тараптуу кайрылган. Бирок ал мезгилде советтик-тоталитардык бийлик күчүндө тургандыктан ислам дини боюнча билим берүүнүн оң жактары толук камтылган эмес, илимий талдоолор жана ойлор, жыйынтыктар коммунисттик партиянын идеологиясына ылайыкташкан. Бул көрүнүш Кыргызстандын жана Өзбекстандын тарыхы боюнча коллективдүү авторлор тарабынан жазылган жана жогорку, орто окуу жайларында, партиялык курстарда окутулган, массалык тираж менен чыккан китептерде да сакталган.

Аталган мезгилдеги диний окуу жайлары боюнча А.Ф. Ардаширов кандидаттык диссертациясын коргоду, анда жалпы Өзбекстандагы, анын ичинде Фергана өрөөнүндөгү XIX кылымдын аягы XX кылымдын башындагы мектеб, отиной мектеб (аялдар окуган мектебдер), каарыхана, медреселер тууралуу пикир жүгүртүп, алардын педагогикалык-методикалык ишмердүүлүгүн маркстик-лениндик окуунун идеялары менен салыштырыла каралган. К.Е. Бендриковдун «Очерки по истории народного образования в Туркестане (1865 – 1924 гг.)» деген китеби тарыхый анализинин кенендиги менен айырмалант, А.Мухаммаджонов, Р.Рахимов изилдөөлөрдү жүргүзгөнү атеисттик позицияда болуп диний окуу жайларына баа берүүдө коммунисттик көз караштан арыла албаган.

Кокон хандыгы тууралуу эмгектердин катарында Р.Н. Набиевдин «Из истории Кокандского ханства (Феодальное хозяйство Худаярхана)» деген эмгеги өзгөчө бөлүнүп турат. Автор архив материалдарына, эскерүүлөргө таянып, хан сайынын, хан үй-бүлөсүнүн ички маселелерин териштирип жазып чыккан. Ошолордун ичинде хан үй-бүлөсүнүн медресе курушу, алардын вакуп мүлктөрү тууралуу баяндаган бөлүмдөрү илимий аргумент айтууга негиз берет. Ушундай эле мазмундагы А.Л. Троицкаянын бир топ эмгектеринде Кокон хандыгынын XIX кылымдын 40-70-жылдарына тиешелүү 5000ге жакын архивдик каталокту үйрөнүп чыгып, алардагы медреселерге байланыштуу материалдар да талдоодон өткөрүлүп, андай окуу жайларына түшкөн каражаттар, мударистер жана мутавалилер тууралуу маалыматтар берилет. З.Д. Кастельская да ушул темада архивдик материалдарды жарыялаган.

Кыргыз тарыхчысы Д. Айтмамбетов жалпы Кыргызстандын Октябрь революциясына чейинки маданий өнүгүшү, мектептердин тарыхы тууралуу эмгектерин жазган, А.Э. Измайлов бул проблеманы педагогикалык аспектиден изилдеген.

Бул этапта көп изилдөөлөр жүргүзүлүү менен, тилекке каршы, коммунисттик идеологияга, советтик саясатка байланыштуу мусурман

медреселери жана жадид мектептери реакциячыл, пантүркчүл, исламчыл катары айыпталып, мударистер жана молдолор билимсиз, сабатсыз катары көрсөтүлгөн учурлар кездешет.

*Үчүнчү этап* XX кылымдын 80-90-жылдарынан башталды, бул этапта көптөгөн архивдер, документтер ачылып, диний медреселер, жадид мектептери «азатка чыгарылып», тарыхый материалдарга историзм принцибинде баа берүү концепциясы, улуттук баалуулуктарга көтөрүңкү мамиле кылуу парадигмасы авансценага чыгып, мурдагы этаптарда каралган изилдөөлөр (Б.Аманалиев, Б.Жамгырчиев, А.Е.Захарова, Т.Кененсариев, К.Молдокасымов, Т.Н.Өмүрбеков, Т.Өмүрзакова, К.Үсөнбеков, В.М.Плоских, М.Ш.Султанова ж.б.) кайра бир сыйра «ревизиядан» өткөрүлдү. Аларды жалпысынан жалпы методология, атайын методология, жеке методология деп карап, буга статистикалык маалыматтарды, обзорлорду, эл каттоонун жыйынтыктарын, отчётторду, диссертациялык изилдөөлөрдү, Орусиянын чиновниктери, тарыхчылары тарабынан жазылган очерктерди, күндөлүктөрдү, тарыхчылардын жана педагогиканын тарыхын изилдөөчүлөрдүн эмгектерин атап көрсөттүк. Диссертециянын бул главасында кайсыл эмгектер кандай жактары менен биздин эмгекке методологиялык база түзүп бергендигине токтолдук.

Экинчи бап **«Фергана өрөөнүндөгү билим берүү тармагын изилдөөнүн методологиясы жана методдору»** деп аталат.

*Изилдөөнүн объекти* XIX кылымдын экинчи жарымындагы жана XX кылымдын башындагы Фергана өрөөнүндөгү билим берүү уюмдарынын өнүгүү процесси болгондуктан тарыхый-салыштырма метод аркылуу ошол учурдагы билим берүү тармактарынын өнүгүш эволюциясынын тарыхый өбөлгөлөрү коомдук илимдердин анализдөөсү талданып, аныкталды. Диссертациябыз педагогиканын тарыхына байланыштуу болгондуктан педагогикалык эксперименттерди жүргүзүүнүн зарылдыгы туулбады.

*Изилдөөнүн предмети* катары XIX кылымдын экинчи жарымындагы жана XX кылымдын башындагы Фергана өрөөнүндөгү билим берүү уюмдарынын окутуу каражаттары, окуу куралдары, окутуу методдору, педагогикалык кадрлары жана жалпы агартуу системасы илимий изилдөөбүздүн *негизги материалдары* болду.

*«Фергана өрөөнүндөгү билим берүү тармагын изилдөөнүн тарыхый, философиялык, психологиялык, педагогикалык методологиясы» аттуу биринчи параграф* диссертациябыздын илимий таяныч базаларын аныктап алуу менен байланышат. Соңку учурдагы педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы боюнча эмгектерде (Н.А. Асипова, С.О. Байгазиев, Ш.И. Ганелина, Н.К. Гончаров, Е.Я. Голант, П.Н. Груздева, Е.Н. Зейлигер-Рубинштейн, М.А. Данилов, Н.А. Константинов, А.А. Красновский, Е.Н. Медынский, Д.О. Лордкипанидзе, М.Ф. Шабаева ж.б.) төмөнкүдөй методологиялык көз караштар, принциптер алдыга коюлду: педагогиканын өнүгүшүн жана билим берүү процессин тарыхый доор менен тыгыз биримдикте кароо; педагогиканын өнүгүшүн жана билим берүү процессин дайыма кыймылда турган эволюциялык

диалектикалык процесс катары кароо; билим берүүнүн тарыхында айрым тарыхый инсандардын өзгөчө ролу боло турганын аңдоо; бул же тигил этаптагы педагогикалык идеялар канчалык даражада жалпы адамзаттык гуманисттик ойлор менен дал келерин аныктоо; билим берүү уюмдарынын уюштурулушун, иштөө принцибин, кадрларынын сапатын аныктоо жана алардын коомго кошкон салымын өлчөө; билим берүү жана педагогиканын тарыхына культурологиялык мамиле кылуу, б.а., улуттун, элдин маданий турмушу менен биримдикте кароо; педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхын башка илимий билимдер (тарых, социология, этнография, адабият таануу, лингвистика, теология ж.б.) менен интеграциялоо; билим берүү жана педагогиканын тарыхын саясатташтырбоо ж.б.

Биз изилдөөбүздө мына ошол принциптерди таяныч кылып алуу менен бүткүл дүйнөлүк тарыхый-педагогикалык процесске анализ берген төмөнкү төрт принципти жетекчиликке алдык: цивилизациялуу мамиле кылуу принциби (принцип цивилизованного подхода); маданий жана антропологиялык принцип (культурологический и антропологический принципы); конкреттүү-тарыхый жана формациялык принцип (конкретно-исторический и формационный принципы); бүкүлү (бүтүн) мамиле кылуу принциби (принцип целостного подхода).

Биздин изилдөө педагогиканын теориясы менен бирге эле педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхына арналгандыктан XIX кылымдын экинчи жарымына жана XX кылымдын алгачкы эки он жылдыгына байланыштуу көптөгөн материалдар методологиялык таяныч катары үйрөнүлдү. Аларды болжолдуу түрдө төмөнкүдөй топторго бөлдүк. Статистикалык маалыматтар, обзорлор, эл каттоонун жыйынтыктары, отчёттор; диссертациялык изилдөөлөр; Падышалык Орусиянын чиновниктери, тарыхчылары тарабынан жазылган очерктер, күндөлүктөр; өзбек тарыхчыларынын, педагогдорунун эмгектери; кыргыз тарыхчыларынын, педагогдорунун эмгектери; советтик тарыхчылардын, педагогдорунун китептери, макалалары; чет элдик окумуштуулардын, саякатчылардын эмгектери; тарых жана педагогиканын тарыхы боюнча окуу китептери; педагогиканын жана агартуунун тарыхын изилдөөчүлөрдүн эмгектери.

Бул бөлүмдү жыйынтыктап айтканда, биздин изилдөөгө диалектикалык материализм тууралуу философиялык окуулар, педагогикалык эмгектер, тарых боюнча изилдөөлөр методологиялык негиз болуп, илимий изилдөөлөрдүн туура багытта кетишине шарт түзүп берди.

*«XIX кылымдын экинчи жарымындагы жана XX кылымдын башындагы Фергана өрөөнүнүн билим берүү тармагынын тарыхый өнүгүшүн педагогикалык аспектиден изилдөөнүн методдору»* деп аталган экинчи парагафта изилдөөнүн объектин жана предметин көрсөтүп, биз колдонгон теориялык жана практикалык методдорго анализ бердик. Тарыхый, этнографиялык, этнологиялык, этнолингвистикалык, этномаданий материалдарды үйрөнүү жана жалпылоо, илимий адабияттарды талдоо, биографиялык (өмүр баяндык) метод, архив материалдарын издөө жана

пайдалануу, тарыхый инсандар же алар тууралуу билген адамдар менен аңгемелешүү, тарыхый көркөм чыгармаларды окуу, статистикалык маалыматтарды топтоо, обзорлорду, отчётторду үйрөнүү, эл каттоонун жыйынтыктарын пайдалануу ж.б. методдор кайсыл проблемаларды чечүү учурунда пайдаланылганын конкреттүү мисалдарда чагылдырдык.

**Таблица 2.2.1 – Илимий изилдөөдө колдонулган методдор жана алардын натыйжалары**

| Педагогиканын тарыхы илиминин методдору | | |
|---|---|---|
| **№** | **методдор** | **алынган жыйынтыктар** |
| 1.<br>2.<br>3.<br>4.<br>5.<br>6.<br>7.<br>8.<br>9. | Тарыхый, этнографиялык, этнологиялык, этнолингвистикалык, этномаданий материалдарды үйрөнүү жана жалпылоо.<br>Илимий адабияттарды талдоо.<br>Биографиялык (өмүр баяндык) метод.<br>Архив материалдарын издөө жана пайдалануу.<br>Тарыхый инсандар же алар тууралуу билген адамдар менен аңгемелешүү.<br>Тарыхый көркөм чыгармаларды окуу.<br>Статистикалык маалыматтарды топтоо<br>Обзорлорду, отчётторду үйрөнүү.<br>Эл каттоонун жыйынтыктарын пайдалануу ж.б. | Илимий иште айтылган ойлор аргументтүү болду.<br>Жалпы биз изилдөөгө алган мезгилдин картинасы көз алдыбызга толук тартылды.<br>Жеке инсандардын билим берүү тарыхындагы орду аныкталды.<br>Кээ бир бүдөмүк ойлор такталды.<br>Илимий изилдөөдө тарыхый принцип ишке ашырылды.<br>Иштин хронологиясын, системасын туура түзүүгө жардам болду ж.б. |

Андыктан XIX кылымдын экинчи жарымындагы жана XX кылымдын башындагы Фергана өрөөнүнүн билим берүү тармагынын тарыхый өнүгүшүн аныктоодо педагогиканын тарыхы илиминде белгилүү болгон илимий-изилдөө методдоруна таяндык. Теманы туура жана объективдүү ачып берүү үчүн илимий-изилдөө ишибизди жүргүзүүдө алдын-ала коюлган максатка, милдеттерге жетүү үчүн ыңгайлуу ыкмаларды жана изилдөө методдорун издедик.

Методду туура аныктоо методологияга байланыштуу. Методдон методика келип чыгат. Биз муну төмөнкү таблицада көрсөттүк.

**Таблица 2.2.2 – Изилдөөбүздүн методологиясынын, методдорунун жана методикасынын өз ара байланышы**

| Изилдөөбүздүн методологиясы |
|---|
| Теориялык ишмердүүлүктү уюштуруунун, жайгаштыруунун принциптерини жана жолдорунун ырааты, ушул ырааттуулук тууралуу окуу |

**Изилдөөбүздүн методдору**
Темада коюлган проблеманын маңызын ачуунун, ага жетүүнүн жолдору жана ыкмалары

**Изилдөөбүздүн методикасы**
Методду ишке ашыруунун конкреттүү жолдору, ыкмалары жана конкереттү продедуралары

Айрым методдордун иш-аракеттерин, чагылдыруу процессин, фотолорун тиркемелерде көрсөттүк. Мисалы, тарыхый окуялардын катышуучулары, аларды жакшы билген адамдар менен аңгемелешүү *(тиркеме №5),* аймакты тарыхый таануу экскурсиялары *(тиркеме №1)*, архив материалдарын үйрөнүү методу *(тиркеме №2, 3)*

**Үчүнчү бап «XIX кылымдын экинчи жарымында жана XX кылымдын башында Фергана өрөөнүндөгү мектеб-медреселердин окуу ишмердүүлүгүн уюштуруу өзгөчөлүктөрү, билим берүүнүн мазмунун, принциптерининин, каражаттарынын жана формаларынын салттуулугу жана новаторлугу»** деп аталат жана анын *«Фергана өрөөнүндөгү медреселердин башаты: тарыхы, атактуу бүтүрүүчүлөрү, вакуп системасы» деген биринчи параграфында* өрөөндөгү медреселердин ачылыш тарыхына экскурс жасалып, айрым атактуу бүтүрүүчүлөрү кимдер болгондугу көрсөтүлөт, диний билим берүүчү мекемелердин финансылык колдоосу үчүн вакуп системасы тууралуу кененирээк түшүнүк берилет.

Медресе биздин элге арабдардан, ислам дини аркылуу кирген түшүнүк. Диний билим берүүчү мусулман окуу жайлары мына ушундайча аталган. Сагымбай Орозбаковдун вариантындагы «Манас» эпосунда «Медресе жык толот», «Медресе мечитти бекем кылып салдырды» деген саптар кездешет. Бул окуу жайлары Манас доорунда болгонбу, же кийин эле айтуучу тарабынан киргизилгенби – так аныкташ кыйын.

«Медресе» түпкүлүгү араб тилиндеги «мадараса» деген сөздөн келип чыккан, бизче которгондо «үйрөнүү», «бир нерсени билип алуу», «окуп билүү» деген түшүнүктү туюндурат. Араб мамлекеттеринде ислам дининин пайда болушу менен мектеб жана медресе пайда болуп, VIII-IX кылымда дүйнөлүк билим берүү тармагына активдүү аралашкандыгын көрөбүз. Алар дүйнөлүк агартуу тармагына чоң салым кошкон. Мектебдер башталгыч билим берүүчү окуу жайлары болсо, медреселер бул орто, айрым өлкөлөрдү жогорку билим берүүчү конфессионалдык мусулман окуу жайы болуп, молдолорду, уламаларды, казыларды, имамдарды, мударистерди даярдаган. Ал жерлерде окуп билим алгандардын ичинен диний кызматкерлер гана эмес, философтор, акындар, жазуучулар, илимпоздор, дарыгерлер ж.б. адистер чыккан.

VII-XI кылымдарда Каирде Аль-Азхар, Меккеде Кааба, Багдадда Багдад медреселери мусулман ааламында өзгөчө аттака жетсе, X кылымда Бухара шаарында медресе негизделип, анын өтө бай китепканасы болгондугу тарыхтан белгилүү.

XV-XVI кылымдарда Самаркандагы Улукбек, Бухарадагы Мир-Араб медреселери Борбор Азияда ислам окууларынын таралышына олуттуу салым кошкон. Дал ошондой медреселерде окугандардын ичинен Борбор Азиядан математиктер, акындар, астрономдор Беруни Абу Райхан (973-1050), Ибн Сина (Авицена) (980-1037), Кинди Абу Али (800-870), Насир Хасров (1004-1072), Насир-ад-Дин Туси (1210-1274), Аль Фараби (870-950), Омар Хаям (1048-1123), Аль Хорезми (870-950), Жафар Рудаки (860-941), Абулкасим Фирдоуси (940-1020), Мушруфиддин Саади (1203-1292), Низами Гянджеви (1141-1209), Жалалиддин Руми (1207-1273) ж.б. чыккан.

Негизги көпчүлүк медреселерде билим берүү үч баскычта жүргөн: биринчи баскыч: адио – төмөнкү; экинчи баскыч: аусот – ортоңку; үчүнчү баскыч: агло – жогорку. Бул толук курс 20 жылга чейин созулган.

Үч баскычтын өз-өзүнчө мударистери, окуу китептери, колдонмолору болгон. Бүтүрүүчүлөрдүн илимдүүлүгү ушул алардын кайсыл баскычты бүтүргөндүгү менен бааланган. Медреселерде кабыл алынган окуу программалары жалпысынан X-XII кылымдарда түзүлүп, улам кошумчалар киргизилгени менен башкы өзөк сакталган. Медреселерде окуу жылы адатта октябрда башталган, апрелде бүткөн. Негизги окуу предметтери: араб жана фарси тилдери, ислам илими, ислам мыйзамы, логика, философия, метафизика, математика, география, астрономия, медицина. Медреседе тарбияланып жаткандарга коюулуучу талаптар: ислам шариатынан чыкпоо, сылыктык, сабырдуулук, кичи пейилдик, момундук.

Медреселердин уюштуруучулары, менчик ээлери – ири соодагерлер, диний аалымдар, молдолор, бектер, манаптар, кол башчылар жана тигил дүйнөнү ойлоп соопчулук кылгысы келген колунда бар адамдар болгон. Демек, мындай окуу жайлары негизинен жеке менчикке негизделген.

Медреселер аны куруп, каржылап турган адамдардын өздөрүнүн, же ата-энелеринин, же устаздарынын аты менен, болбосо ири диний аалымдардын ысымы менен аталган, көбүнчө кыштактардын аталышы менен да атала берген. Кээде бир топ кишилер жамааты да биригип медреселерди ачкан. Медресе ачуу үчүн эң биринчи шарттар: балдар (же кыздар) окуй турган, жата турган жай керек болгон, андан соң ал жерге мударис, мутавали тандалып, алар талабаларды кабыл алган. Тамак-ашка медресе ээсинен башка да талабалардын ата-энелери, соопчулук издеген адамдардын көмөгү берилген, орозо битир, зекет да аларга бөлүнүп турган.

Диний билим берүү мекемелерине чоң жардам вакуп мүлктөрүнөн келген. Вакуп (арабча – вакф, көптүк санда – вукуф; сөзмө-сөз которгондо – үстүнөн кароо орнотуу) – мусулман укук термини болуп, адегенде мусулмандардын башка диндеги элдерден ислам үчүн ыйык согушта жеңип алган жери ушундай аталган. Кийин маанисин өзгөрткөн. Мисалы Кокон хандыгынын учурунда хандык вакуп үчүн атайын жарлык же иноятнама чыгарган, анда салыктан бошотулган вакуп жерлер, б.а., «ак вакуптар» жана салыктан бошотулбаган вакуп жерлер, б.а., «кара вакуптар» болгон. «Вакуп – кандайдыр бир адамдын дин мекемесине сый кылып берген же осуят кылып

калтырган мүлкү. Ал мүлктүн кирешеси гана пайдаланылышы керек, сатууга укук жок», - деп жазылат «Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө».

Кокондон шаарынан кийинки чоң жана атактуу медреселер Ош шаарында болгон. *«Ош шаарындагы мектебдер, медреселер жана каарыханалар» деген параграфта* Ош шаарында илим, билимдин жогорку деңгээлге көтөрүлүшүнүн тарыхый тамырларын, өбөлгөлөрүн көрсөтүү менен Иса датканын, Азирети Мухаммед Сыдык Ахун Аглам дамбылданын, Алжолбайдын, Мухаммедбай Түрк Хал Муратбаевдин медреселери тууралуу тарыхый маалыматтарды берип, алардын агартуу тармагына кошкон салым жөнүндө сөз кылынды. XX кылымдын башында Ош шаарында 7 каарыхана болгонун, аларды аталышын, ордун жана функцияларын да ушул бапта айтып бердик.

Ал эми азыркы Кыргызстандын аймагына караган жерлерде XIX кылымда жаңы ачылган медреселердин айрымдары төмөнкүлөр болгон.

**Таблица 2.1 – Ош аймагында XIX кылымда ачылган медреселер**

| **Медресе жайгашкан жер** | **Ачылган жылы** |
|---|---|
| Жаңы-Ноокат айылы | 1820 |
| Ош шаарында | 1826 |
| Ош шаарына жакын айылда (такталбай жатат) | 1841 |
| Өзгөн шаарында | 1841 |
| Эски-Ноокат айылында | 1843 |
| Ош шаарында | 1850 |
| Исфана кыштагында | 1855 |
| Сузак кыштагында | 1860 |
| Кара-Сууда | 1862 |

Ири медреселер катары Оштон башка Өзгөндө Арап байдын, Жаныбек жана анын агасы Алибектин, Фахруддин молдонун, Куршабда Жусупбек казынын, Эраалы миңбашынын, Кара-Сууда Али-Кули Хасан бийдин, Жалал-Абадда Мырзакул болуштун, Кадамжайдын Пум деген жериндеги Абдыкайым эшендин, Кызыл-Булак айлындагы Молдо Нияздын ж.б. адамдардын медресеси иштеген.

XIX кылымдын аягында XX кылымдын башында Ош шаарында 47149 киши жашап, 6153 үй болгондугу, 154 мечит, 7 мазар, 8 каарыхана, 5 медресе жайгашкандыгы бир катар булактарда белгиленет (А.Е. Захарова).

Оштогу Алымбек парваначы датканын медресеси (Ак медресе) тууралуу кенен сөз кылдык. Анда окуу жайынын ээлик кылуучулары, медресенин курулушу, имараттын шаар архитектурасындагы орду жана окуу процессине ыңгайлуулугу, мударис-мутавалийлер курамы жана адистер менен камсыздандырылышы, медресенин талабалары, каржылык жактан камсыздалышы, агартуу тармагындагы орду тууралуу маалыматтар айтылып, алар педагогикалык аспектиден талдоого алынды. Медресенин негизги ээси биринчи ачылышында Алымбек датка болгон. Алымбек Асан бий уулу (1799-1862) – кыргыз элинен чыккан көрүнүктүү мамлекеттик ишмери. Анын теги

Алай элинин адигине уруусунун баргы уругунан. Атасы Асан бий жалпы Борбор Азиядагы ири соодагерлердин бири болуп, баласын балакатка жеткенден эле кербендерге кошуп, Кокон, Ташкент, Жаркен, Самаркан, Бухара, Кабыл, Ыстамбыл шаарларына эрчите барып, эл-жерди, адамдарды тааныткан. Алымбек жаш чагынан адегенде Алайда молдодо окуп, кийин медреседен билим алат. Ал медресе Жакыпбек аталык салдырган Бухарадагы атактуу медресе болуп, ага Асан бийдин агасы Арык алып келип 1813-жылы киргизип кетет. Алымбектин медресесинин курулушунун башталышы 1844-жылга туура келет. Башкы мемарлары (архитекторлору) катары Самаркандан Камал ибн-ал Кадырулла, Кашкардан Ахматбек ибн-ал Курбани чакырылат, алардын келиш-кетиш чыгымын, үй-бүлөсүнүн каржы муктаждыгын бүт Алымбек датка өзү көтөрөт, алар менен кошо ондогон шакирттери келет, аларга да уста акыларын жакшы төлөп турат. Заңгыраган ири имарат көргөндөрдүн көз жосун алып, алты жыл курулуш иштеринен соң, 1850-жылы бүткөрүлгөн. Окуу процессин жүргүзүлүүчү дарсканалары, намазканасы, кең жана кооз түркүктүү айбандары, чарпаялары, мудариsканалары жана 28 чакан бөлмөдөн турган жатак жайлары – үжүрөлөрү болгон. Жатак жайында бир эле мезгилде 3 мударис, 80-100 талаба жаткан. Бул медресинин окуу мөөнөтү үч жыл болгон, мударистери Мекке, Кашкар, Букара, Самарканд, Кокон сыяктуу шаарлардын окуу жайларынан тандалып келинген. Башкаруу курамы үч адамдан турган: биринчиси, окуу-тарбия ишине көзөмөлдүк кылган; экинчиси, отун-суу, имараттардын тазалыгы үчүн жооптуу болгон; үчүнчүсү, медресеге караган вакуптук жерлерди, дүкөндөрдү, устаканаларды, малканаларды, кол өнөрчүлүк, кийим тигүүчүлүк цехтерди башкарып, медреседе иштеген жана окуган адамдарды оокат-аш, кийим-кечек, дарстыктар менен камсыз кылган. Башкы мударистери айрым булактарды караганда Хаджи-Мухаммад (Хаджимамат-алам), кожо Акматнур уулу Хати, Молдо Нияз Эрназар уулу, Марипхан төрө, Молдо Үсөн ж.б. илимдүү адамдар болгон.

Медреседе, азыркы термин менен айтканда, Камкорчулар кеңеши жана демөөрчүлөр бүт жашоо-тиричилик, окуу иштерине кам көргөн. Алымбек датка 1859-жылы Кокон ханы Шах Мураддан атайын чечим чыгарылган вакуп-наманын негизинде 10000 танап (1660 десятин же 1825 гектарга барабар) жер ээлигин вакуп катары алган эле, ошол жерди, бир нече дүкөндөрүн жана устаканаларын, малын медресинин вакупуна өткөрүп берген. Жеринин теңи түшүм бере турган айдоо аянттары болгон. Алар Оштун тегерек-четинде (кийин «Алымбек чек» деп аталган Чын-Абад кыштагында) гана болбостон, тоо этегиндеги Папанда, Көк-Белде да бар эле. 1877-жылы медресенин карамагында 71 соода жана устаканасы болсо, 1882-жылы ага дагы тогузу кошулган, 1906-1907-жылдары алардын саны 120ны түзгөн. Демек, медресе өз чарбасын улам чыңдап, өркүндөтүп турган.

Ак-Буурага жана каналдарга тогуз тегирмен жана пахтадан май сыгып алчу майжувар, шалыдан күрүч бөлүп алуучу акжуваз курулган. Булар да медресе талабаларына кызмат кылган. Булардын карамагында жибек, жүн, пахта, тери иштетүүчү ишканалары да болгон.

Мударистерге жана талабаларга колдо союлган адал эт жана сүт берилген, аны үчүн аларга караштуу чарбалары иш жүргүзгөн. Датканын Бухара, Кокон, Кашкар сыяктуу шаарларда ондонгон дүкөндөрү, устаканалары иштеп тургандыгын, товар ташыган кербенчилери, короо-короо малдары бар экендигин эске алганда анын каражаты медресе үчүн жетиштүү эле бөлүнгөн деп эсептөөгө негиз берет. Айрым маалыматтар боюнча бир жылдык каражат 1500 сом деп эсептелет, бул ошол кездеги баа боюнча 600-700 койдун наркы эле. Колдо болгон «Вакуп-наме» боюнча вакуп төмөнкүдөй бөлүштүрүлгөн: 50%ы – медресени кармоого жумшалган; 20%ы – талабаларга кеткен;15%ы – мударистерге берилген (айлык акы, коммуналдык кызматтар, үй-бүлөлөрү ж.б.);5%ы – мутавалиге; 5% – имамга; 5% – азанчыга жана кароолго.

Талабаларга стипендия системасы да каралган: үч жыл окушкан биринчи тайпадагы окуучулар – 5 сомдон, экинчи тайпадагылар – 10 сомдон, үчүнчү тайпадагылар – 5 сомдон алып турган. Ошол эле кезде ушул каражаттын эсебинен орозодо ооз ачырышкан, жетимдерге, ата-энеси таштап кеткендерге, багар-көрөрү жок бечараларга кайрымдуулук иштери жүргүзүлгөн.

Ал гана эмес медресенин мыкты бүтүрүүчүлөрүн Бухара, Самаркан, Ташкент, Кокон, Тегеран, Дамаск, Багдад, Ыстамбул, Кашкар, Меке, Каир сыяктуу ири шаарлардагы чоң окууларга жиберүү, ал жактагы окуусун камсыз кылып туруу жагы да каралган сыяктанат.

Жетимиш жылдай (1850-1920-жж.) иштеген бул медреседе жылына 50дөн 120га чейин бала окуган, мисалы, 1880-жылы 75 талаба окуп жаткандыгы жазылып калган. Ошондо орточо бир жылда 30 бала бүтүрүп чыгат дегенде да бул медресе 2000ден ашык балага билим жана тарбия берген.

*«Фергана өрөөнүндөгү эң чоң жана атактуу медреселер» деген 3-параграфта* бир нече медреселердин педагогикалык ишмердүүлүгү талдоого алынат. Анда Фергана өрөөнүндөгү эң ири медреселердин ачылыш тарыхы, алардын каржыланышы, мутавалилери, мударистери, талабалары, окуу куралдары жана окутуу өзгөчөлүктөрү тууралуу баяндалат. Кокон шаарындагы хандыкка караштуу Омор хандын апасы Иззат-бүбү салдырган «Миң-айым» медресеси, Омор хандын зайыбы жана Мадали хандын апасы Магляр айым курдурган эки медресе, Шералы хандын аялы жана Кудаяр хандын апасы Аким айым (Жаркынайым) салган медреселер, Нарботонун медресеси хандык медреселер катары кабыл алынган, алардын илим, билим берүү, адабият, маданият тармактарын өнүктүрүүгө кошкон салымдары жогору болгон. Дал ушул окуу жайларынын тегерегинде Омор хан өзү баш болуп, Мукимий, Фуркат, Мухий, Оразий, Тажаллий деген сыяктуу 70тен ашык агартуучулар, акын-демократтар биригип, гуманисттик маданияттын өнүгүшүнө чоң салым кошкон. Кокон аялдар поэзиясы деген феномен да ошол жылдары Надирабегим, Увайси, Махзуна деген акын аялдар менен бирге пайда болуп өнүккөн, медреселердин алардын калыптануусунда чоң орду болгон. Ал медреселерде диний билим менен бирге эле классикалык поэзия чагатай, фарсий, араб тилдеринде окутулгандын. Наманган медресеси тууралуу сөз кылганда негизги көңүл Молдо Кыргыз медресине, анын окуу-тарбия

процессин уюштуруу өзгөчөлүгүнө бурулуп, ал жерден билим алган Нурмолдо, Жеңижок сыяктуу акын-агартуучулардын кыргыз маданиятындагы орду тууралуу токтолуп өттүк. Мисалы, ошол медресенинин бүтүрүүчүсү Нурмолдо азыркы Ала-Бука, Аксы, Токтогул, Чаткал райондоруна караган Кош-Терек, Кара-Суу, Кара-Жыгач, Саргата, Жаңы-Базар, Орто-Кой, Суусамыр, Үч-Терек, Ак-Суу, Тегене деген жерлерде мечит, мектеб, чакан медреселерди ачып балдарга үйрөткөн. Анын жазуу куралы – арчанын күйгүзгөндөн калган бор болгон. Доскасы – кыбала тараптагы дубалга мык кагып илип койгон тактай. Окутуу тили – кыргыз тили жана араб тили эле. Билим берүү жана тарбиялоо каражаттары – кыргыз элинин жана акындарынын ырлары, дастандары, санжыралары, кошокторy, жомокторy, табышмактары, жаңылмачтары, макал-ылакаптары; Чыгыш адабияты; хадистер. Окуу предметтери: араб тили, куран чечмелөө, куран жаттоо, исламият, тарых, эсеп-алгебра (ал-Хоразмий окуусу), жуграпия (география), агрономия, айыл чарбачылыгы (айнааме). Дидактикасынын негизги принциби – теория менен практиканын тыгыз байланышы; эске тутуп жаттоо. Окутуу технологиялары: акыл насааттарын өзү оозеки айтып жаттатуу; тексти үн чыгарып окутуу; текстти жаздыруу; тексттин маани-мазмунун кыргызчага которуп сүйлөп берүү; эсептетип, коштуруп, кемитип, көбөйтүп, бөлдүрүп, төрт амалды үйрөтүү.

Фергана өрөөнүнүн ири шаарлары болгон Маргалан, Анжиян, Кожент, Канибадам шаарларындагы медреселери тууралуу баяндап берүү менен ал жерде кимдер окуганын, кандай предметтер өтүлгөнүн, медреселердин иштөө тарыхын чагылдырдык.

Баткен районунун азыркы Кадамжай районундагы Молдо Ныяз медресеси жана Жалал-Абад шаарындагы Мурзакул болуштун медреселери жөнүндө да тарыхый, архивдик материалдардын негизинде педагогикалык өңүттөн материалдар сунушталды. Мисалы, Кош Датка уулу Мурзакул болуштун агартуу жана педагогика тарыхына кошкон салымы төмөнкүлөр менен белгиленет: Мурзакул болуш жалаң гана байлардын балдарын, алардан акча алып окутпастан, жетим балдарды да өз каражаты менен окуткан; талабаларды окутуу үчүн жергиликтүү мударистерди даярдаган; медреселердин окуу куралдарын илим-билими жогору ичкери шаарлардагы башка ушундай окуу жайларынан алып келген; медреселерди курууда жергиликтүү материалдарды: таштарды, топуракты, теректерди ж.б. курулуш материалдарды пайдаланып улуттук курулуш жана архитектура тармагынын өсүшүнө да салым кошкон; талабаларды жана мударистерди эс алдыруу үчүн «Айып-Булак» сыяктуу ден соолукка пайдалуу жерлерди ишке киргизген; өзү гана медресе ачпай, башка колунда бар кишилердин да медресе ачуусуна жардам берген; ал жашаган аймак Фергана өрөөнүндө болгондуктан азыркы Өзбекстандын жана Кытайдын Шыңжан аймагынын бүтүндөй мыкты медреселеринин тажрыйбасын үйрөнүп, аларды пайдаланган; Мурзакул болуш бир гана медресе ачпай, медреселер тармагын ачкан, бул болсо мутавалилерди, мударистерди, талабаларды, окуу каражаттарын алмашып колдонууга шарт түзгөн.

Мурзакул болуштун эл ичиндеги кадыр-баркы, көчмөн турмуштан отурукташуу, шаарлашуу абалына өткөрүү, элге билим берүүгө кошкон салымы орус окумуштуулары, жеркезерлери тарабынан да жогору бааланып, ал тууралуу маалыматты падышалык Орусиянын борбору болгон Санкт-Петербург шаарындагы Эрмитаж музейине да коюшкан.

Тилчи-академик Э. Тенишев: «Мурдагы учурда молдолор жалаң гана динге кызмат өтөгөн адамдар эмес, маданияттын жана эл агартуунун ишмерлери болушкан, балдарды кат-сабатка үйрөтүшкөн. Алар билимдүү адамдар катары Чыгыштын көптөгөн классикалык тилдерин билишкен, адабий тилдин калыптанышына жана өнүгүшүнө көмөктөш болушкан», - деп көрсөткөндөй Фергана өрөөнүндөгү XIX кылымдын экинчи жарымындагы жана XX кылымдын башындагы медреселер, каарыханалар жана мектебдер, биринчиден, элдин сабатын ачууга, коммуникация жүргүзүүгө кызмат кылгандыгы, экинчиден, адамдардын ислам дининин таасири менен ыймандуу болууга тарбиялагандыгы бул бапта факты-цифралардын жана анализ-синтездин негизинде көрсөтүлдү.

Үчүнчү бул баптын *«Борбор Азияга араб билим берүү системасынын киргизилиши» аттуу 4-параграфы* VIII-IX кылымдарда Араб калыйпалыгынын көп жерлерди (633-жылы арабдар Палестина, Сирия, Иран жерлерин басып алган соң 677-жылы азыркы Өзбекстанга караган Бухара, Самаркан, 712-жылы Хорезм шаарларын каратып алган), анын ичинде Жакынкы жана Орто Чыгышты, Борбор Азияны басып алышы менен ал жерлерге мусулман динин таратышын көрсөтүүгө арналат. Ислам идеологиясы менен араб тили кеңири окутулуп, ал тил аркылуу байыркы грек, рим маданияты үйрөнүлгөн. Борбор Азияда IX-X кылымда саясый, философиялык көз караштардын карама-каршылыгы жүрөт, арабдык идеялар менен жергиликтүү элдердин келишпестиги, динди зордук менен таңуулоо келип чыгат. Мурдагы жергилик элдин зароастризм, манихейлик, буддалык, теңирчилик ж.б. диндери, хорезм жана согдий маданияты артка сүрүлүп, Индия, Кытай жактын маданияты менен байланыш солгундайт. Батышта латын тили жана жазуусу кандай ролду ойносо, Чыгышта ошондой ролду араб тили ойной баштады. Ал гана эмес байыркы Индиянын астрономия, математика, медицина, педагогика илимдеринин салттары да араб тили аркылуу жергиликтүү элге өтүп турду. Эл аралык тил катары араб тилинде байыркы инди, грек, сирий, иран илимдеринин жана маданиятынын синкреттик казынасы пайда болду.

Ошентип, Чыгыш Ренессансы Европадагы Ренессанс, б.а., Кайра жаралуу доорунан (Эпоха Возрождение) 400-500 жылдай мурда башталган, мына ошол процессте араб маданиятынын ролу сөзсүз болгон.

Мына ушул учурда алгачкы мектеб-медреселер ачыла баштаган жана алар улам өнүктүрүлүп, өркүндөп отурган.

Дал ошол мезгилдерден тартып тогуз-он кылым бою диний билим берүүчү мусулман мекемелеринин типтери негизинен төмөнкүдөй болуп калыптанган:

1.Мектеб – уул балдар үчүн. Максаты: Куран окуу, арабча сабатын ачуу, жазуу. Окуу мөөнөтү – 2-4 жыл. Шаардагы алдыңкы мектебдер санакты, эсепти жана поэзияны да үйрөткөн. 1894-жылы жалпы Түркстан боюнча 10 миңдей ушундай мектеб болгон.

2.Каарыхана – мектеб системасы эле болуп, көзү азиз чоң кишилер жатып окушкан, аларга каарыбашы куранды жаттаткан.

3.Далаилхона – сооптуу иш катары арабча билбеген чоң кишилер «Далаил-Хайрот» китебин окуп өздөштүргөн, ал китепте хадистер берилген. Мындай окуу жайлар аз учураган.

4.Атун-биби мектеби – кыздар билим алган мектеб жайлары болуп, ал жердин окутуучулары да аял кишилер болгон, кол өнөрчүлүк, тамак-аш жасоо, үй тиричилиги менен бирге поэзия үйрөтүлгөн.

5.Медресе – орто жана жогорку мусулман окуу жайлары. Диний философия, ислам укугу, араб грамматикасы, фикх, риторика, хадис, логика, математика, география, тарых, адабият окутулган.

Диний окуу жайларында ислам догмалары гана окутулбастан, ар тараптуу билим-илим берилген. Мисалы, медреселерди ачып мутавалилик жана мударистик кылган, өзүнүн жазганын кол китеп кылып элге тараткан акын-агартуучу Молдо Нияз араб, фарси тилдеринде жаза алган, классикалык поэзия менен тааныш болгон. Ошондой мударистер Фирдоуси, Низами, Навои, Хафиз, Омор Хаем, Рудаки, Сопу Алдаяр, Ахмед Яссави ж.б. классикалык поэзияны жана ислам динин идеяларын өздөрүнө сиңдирип турган.

Медреселерде окутуунун мазмуну: мусулмандык укук – фикх; Куран сабактары: Курандын тексттин окуу, Куранды түшүндүрүү, Куранды жаттоо (каарылык); дин таануу; араб тили жана адабияты; хадистаануу; логика; математика; өлкө таануу; тарых ж.б. Медреселерде окутуунун формалары: дарс; сукбат; талаш-тартыш; сөздүктөр менен иштөө; үн кубултуп кыраат ы менен окуу; адабияттар менен иштөө; өз алдынча иштөө ж.б.

Араб диний окуу жайларынын медреселердеги мугалим-тарбиячылары мударис деп аталган. Мударистер ислам боюнча билимдүү адистер болуп, фикх, ислам адеби, хадистаануу, ислам укугу, араб тилинин грамматикасы боюнча дарс берген. Аларды бийлик башчылары жана медресе ачкан кишилер дайындаган. Ал эми мектебде окуткандар дамбылдалар же молдолор аталган.

Багымдат намаздан кийин эле окуу процесси башталган, намаз убактасында жамаат болуп намазга турушкан.

*Окуу материалдарын адаптациялоо.* Борбор Азияда жашаган фарси жана түркий элдер араб тилин, анан татаал синтаксистик-грамматикалык түзүлүшүн өздөштүрүүдөн кыйналган. Андыктан Куран теориясы жана араб тили боюнча адистер практик мударистер менен бирге адаптацияланган окуу китебин түзүшкөн. Аны «Аптиек» («Хафтияк») деп аташкан да, ага Курандын жетиден бир бөлүгүн сунушташкан.

Талабалар адегенде ошол «Аптиекти» өздөштүрүп, анан соң «Куранды» окуп-үйрөнгөн. «Аптиектен» кийин «Чаркитаб» деген китепке өткөн. «Чаркитаб», же кыргызча которгондо «Төрт китеп» IX кылымда эле

Шарафутдин аль-Бухари тарабынан түзүлгөн жана XII кылымдын этек ченинде Фаридитдин Аттар кошумча киргизген.

Хадистер атайын предмет катары окутулуп, ар бир учурда кайталанып да турган. Окуу материалдарында Мухаммед пайгамбардын ишин уланткан жана ислам бийлигин кеңири жайылтууга салым кошкон төрт чарыяры: Азирети Абу Бакр Сыдык (632-634), Азирети Умар (634-646), Азирети Осмон (646-656), Азирети Али (656-661) тууралуу ыр жана кара сөз түрүндөгү тексттер да берилген. Жергиликтүү сопу акындар Ахмед Йассавинин жана Сопу Алдаярдын китептери да үйрөнүлгөн.

*Окуу материалдарын өздөштүрүүгө жардам берүүчү усулдук колдонмолор***.** Мектебде окуткан молдолор үчүн балдарды жазууга үйрөтүүдө Мирали Герати иштеп чыккан «Муфрарот» аттуу усулдук колдонмодон пайдаланышкан. Ал фарси тилинде болуп, анда тактайга кантип жазуу керек, арибдерди жазуунун эрежелери, каллиграфиялык жактан тамгаларды кооздоонун жолдору ж.б. керектүү усулдар мисалдары менен коштолуп көрсөтүлгөн.

Мунис Хорезми (1778-1829-жж.) иштеп чыккан «Сабатка үйрөтүү» («Саводи таълим») китеби 1804-жылы чыккан. Ал чагатай тилинде болгондуктан Фергана өрөөнүндөгү мектеб, медреселерде кеңири пайдаланылган. Мунис Хорезми акын катары дивандарды, газелдерди жазган, Адам Атадан тартып адамзат тарыхын электен өткөрүп баяндап берген тарыхчы жана агартуучу болгон. Жогорудагы колдонмосу да ыр формасында тургандыктан окууга жана түшүнүүгө жеңил келип, мектебдегилер да, медреседеги талабалар да түшүнө берген. Автор ар бир арибди кайсыл чекиттен баштап жазып, кайсыл чекиттен бүтүрүү керектигин үйрөткөн.

Мына ошондон, б.а., Борбор Азияда алгачкы мектеб, медреселер, ислам жогорку окуу жайлары пайда болгондон тартып эле, анын ичинде биз сөз кылып жаткан XIX кылымдын экинчи жарымында жана XX кылымдын башында Фергана өрөөнүндөгү билим берүү мекемелелеринде эң негизги окуу китеби «Курани-Карим» болгон.

*«Куранды жана хадистерди үйрөтүүнүн тарыхы жана таалим-тарбиялык мааниси» деген 5-параграфта* мусулман окуу жайларынын ар биринде сөзсүз үйрөтүүлүчү курандын, аны чечмелөөнүн, хадистерди окутуунун мааниси, ал эмгектердин этикалык-педагогикалык орду тууралуу айтылат. Мусулман дининин ыйык китеби – Куран, ал араб тилиндеги «Кор’ан», «кара» – «окуу» деген сөздөн алынган, аны Алла Таала жердеги өкүлү Мухаммед пайгамбар (570-632) аркылуу өз пенделерине жиберген. Ал китептин жана мусулман дининин башкы идеясы – Алла Таала жалгыз, анын жалгыздыгына ишенүү керек, ар бир адам кудайдын астында өзүнүн кылган иштери үчүн жооп берет. Киши каза болгон соң бул убактылуу дүйнөдө аткарган сооптуу жана күнөөлүү иштерине жараша бейишке же тозокко түшөт. Куранды окуй баштоо үчүн ким болбосун аны оң колго алып, «Бисмиллахир рахмаанир рахиим» деп баштаган. Куран – мусулмандардын адептик ереже-

нормаларын белгилеген, анын жоболору ар бир мусулман пендеси үчүн ыйык эсептелген.

*«Борбор Азияда орто кылымдарда жашаган энциклопедист-аалымдардын эмгектерин медреселерде окуп-үйрөнүүнүн мааниси жана мазмуну»* деген 6-параграфта биз сөз кылган аймактагы жана мезгилдеги медреселерде Сопу Алдаяр, Аль-Хорезми, Аль-Фараби, Ахмед Аль-Фергани, Абу Райхан Беруни, Али Абу Ибн Сина, Жусуп Баласагын, Махмуд Аль-Кашкари-Барсканий, Кулкожо Акмат Йассави, А.Жугунаки, Насир Ал-Дин Туси, Эмир Темир, Мырза Улукбек, Алишер Навои ж.б. аалым-ойчулдардын эмгектери кайсыл аспектиден окуп-үйрөнүлгөндүгү көрсөтүлөт. Алардын идеялары XX кылымдын башына чейинки ислам окуу жайларында билим берүүнүн негизги мазмунун түзгөн. Ошолор иштеп чыккан жана окутуу процессине киргизген диний билим берүүнүн маңызы, принциптери, каражаттары, формалары XIX кылымдын экинчи жарымында жана XX кылымдын башында Фергана өрөөнүндө негизинен сакталган жана он кылымдан ашык созулган салттары жаңы тарыхый-коомдук окуяларга ылайык реформаланып турган. Алар диний окуу жайында окутуунун дидактикалык ыкмаларын, принциптерин, методдорун жана формаларын көрсөткөн жана ошол педагогикалык идеялар азыркы күнгө чейин дүйнөлүк дидактикада кеңири колдонулуп келет.

**Таблица 3.6.1. – Борбор Азиядагы энциклопедист-окумуштуулар белгилеген жалпы дидактикалык ыкмалар, принциптер, методдор жана формалар**

| Окумуштуулар | Жалпы дидактикалык ыкмалар, принциптер, методдор жана формалар |
|---|---|
| **Хорезми (787-850-жж.)** | – өз алдынчалык (чыгармачылык активдүүлүк;<br>– байкаган факты жана көрүнүштөрдү сүрөттөп жазуу<br>– жана ырааттуу түшүндүрүү;<br>– байкоо-тажрыйбалык, эксперименталдык метод;<br>– индукция жана дедукция аспектисинен жекеликтин, өзүнчөлүктүн жана жалпылыктын биримдиги принциби;<br>– математикалык тапшырмаларды чечүүнүн алгоритмикалык методу;<br>– суроо-жооп формасы (окутуунун методу ж.б.) |
| **Фараби (870-950-жж.)** | – практикалык жана теориялык илим (окутуунун практикалык багыты), турмуш менен байланыштыруу;<br>– илимий билимдердин өтмө катыштыгы (таанып билүүнүн илимий методу);<br>– логикалуулук жана бири-бирин улоочулук;<br>– илимийлик, көрсөтмөлүүлүк, ыраатуулук (байкоо жана тажрыйба);<br>– талкуулоонун методдору жана ыкмалары: 1) далилдөө, |

| | |
|---|---|
| | 2) диалектикалык, б.а., дискуссия методу, 3) софистикалык метод, б.а., каршыдагы адамды адаштырып, баш айлантып коюу, 4) риторикалык, 5) поэтикалык;<br>– окутуунун тажрыйбалык-көрсөтмөлүүлүк методу;<br>– көнүгүү иштөө – кайталоо (окутуунун жалпы методу);<br>– индукция жана дедукция методу;<br>– абстракционизм методу ж.б. |
| **Беруни (973-1050-жж.)** | – эксперимент;<br>– үйрөнүүчүлөрдүн илимий фактылар менен куралдандыруу;<br>– илимий практика;<br>– тажрыйба жана байкоо;<br>– кайталоо жана баяндоо;<br>– катехизикалык аңгемелешүү;<br>– окутуунун жеткиликтүүлүгү (жакынкыдан алыскыны, тааныштан улам бейтааныштарга карай, белгилүүдөн белгисиздикке карай ж.б.) |
| **Ибн Сина (980-1037-жж.)** | – себептик байланыштар принциби;<br>– тажрыйба;<br>– анализ, синтез, жалпылоо;<br>– жамаатта окутуу идеясы;<br>– *окутуунун принциптери:* а) баланы дароо эле китепке байлап койбоо керек; б) балдарга сунуш кылынган тапшырмалар нормага салынган жана алардын алы-күчү келген, жааматташууга ылайыкталган, дене көнүгүүлөрү менен айкалыштырылган, баланын жөндөмдүүлүгүнө бапташкан болушу зарыл; в) окуп-үйрөнүү жөнөкөйдөн татаалга карай акырын жүрүп отурушу кажет; г) көрсөтмөлүүлүк принциби д) баланын индивидуалдык өзгөчөлүгүн эске алуу;<br>– *методдору:* а) материалды ырааттуу жана биринин артынан экинчисин баяндоо; б) логикалык иретте ой жүгүртүү; в) теориянын практика менен байланышы; г) жалпыдан жекеге баруу; д) окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсү; ж) жеке байкоолор; з) эксперимент, практика ж.б. |

Жалпысынын, диний билим берүү эл ичинен чыккан айрым адамдарды илим менен тааныштырып, ошолор аркылуу жалпы элди адептүү, ыймандуу кармап тургандыгы бул бапта ар тараптуу чагылдырылды.

Изилдөөнүн **«Фергана өрөөнүндө билим берүүдөгү жадид жана орус-тузем мектептеринин пайда болушунун коомдук-тарыхый өбөлгөлөрү, педагогикалык ишмердүүлүктөрү»** деген төртүнчү бабы жыйынтыктоочу

мүнөзгө ээ. Анда адегенде *«Фергана өрөөнүндөгү жадидчилик багытындагы билим берүү уюмдарынын тарыхый орду, педагогикалык системасынын өзгөчөлүктөрү» аттуу 1-параграфта* мусулман мектеб-медреселеринин жалпы дүйнөлүк прогресстен бир топ артта калып жатканын түшүнгөн зыялылардын аракети менен ислам динин тутунган элдер жашаган аймактарда жадид кыймылы жана жадид окуу жайларынын пайда болушу үчүн өбөлгө-шарттардын жарылышы тууралуу сөз болот. Түркстанда, анын ичинде Фергана өрөөнүндө XIX кылымдын экинчи жарымында XX кылымдын башында «усулу жадид», же «жадид», «жаңы тартип», «жаңы усул» деп аталган билим берүү уюмдары иш жүргүзгөн. Аларды жалпысынан «жадид» мектептери деп койгон.

Мындай билим жана тарбия берүү жайларынын пайда болушунун бир катар *себептерин* изилдеп чыктык, алар төмөнкүлөр болду: коомдук турмуштагы тез жүрүп жаткан ар кандай өзгөрүүлөр; өлкөлөр ортосундагы өндүрүштүн, соода-сатыктын, дипломатиялык мамилелердин мурда болуп көрбөгөндөй өсүшү; мусулман элдеринин дүйнөлүк интеграцияга аралашуу кыймылынын тездеши; «усулу кадим» («эски усул») деп ат берилген мурдагы мусулман мектеб, медреселеринин окутуу-тарбиялоо методикасына ыраазы болбой, аларды реформалоо, модернизациялоо боюнча жаңы көз караштардын пайда болушу; сопулук агымынын таасири солгундап, мурдагы терең философ, педагог дервиш-сопулардын ордуна эми элди алдаган, өз пайдасын көздөгөн, же бийлик ээлерине жагынган эшен, сопулардын пайда болушу; Орусиянын мамлекеттик бийлиги жана жергиликтүү жетекчилиги тарабынан улуу орустук жана христиандык саясатынын биринчи планга чыгып, башка улуттарды жана диндерди кемсинтүү идеясынын күчөп кетиши. Мисалы, 1899-жылы 26-октябрда Түркстан генерал-губернатору С. Духовский падышалык Орусия империясынын императоруна доклад жазып, анда ислам орустардын динине гана эмес, жалпы маданиятына зыян келтире тургандыгын баяндайт ж.б.

Мындай окутуу системасы мурдагы «усулу кадим» системасынан айырмаланып, анын өнүккөн формасы жана мазмуну болгондуктан «усулу жадид» деп аталган. Орус илимий булактарында жадидизм деп таралган өзүнчө бир прогрессивдүү кыймыл катары каралган. Андан ары жадидчилердин ишмердүүлүктөрүнө баа берилип, алардын агартуучулук багыттары талдоого алынат. Изилдөөнүн бир топ бөлүгү жадид окуу жайларынын педагогикалык-методикалык өзгөчөлүктөрүн ачып берүүгө арналды. Анын негиз салуучусу Исмаил Гаспринский (Гаспыралы) (1851-1914-жж.) болгон. Ал 1884-жылы Крымдагы крым-татар балдары үчүн ачкан мектеби усулу жадид тибинде болуп, мына ушундан тартып башка жердеги бир катар ислам диний окуу жайлары жаңы методикага ээ боло баштаган. Анын окуусунун башкы маңызы – жадидизмди негиздегендигинде. Бул адегенде башталгыч мектебде диний гана эмес светтик да мазмун берүүсү, билим берүүгө мусулман этноконфессионалдык системасын киргизгендиги менен байланышат. Ошон үчүн билим берүүнүн мазмунун жана методдорун жаңылашкан, ал жаңылыктар Крымда башталып, Татар, Башкорт, Кавказ, Борбор Азия, Түркия, Түндүк Персия, Кытайдын Чыгыш Түркстан аймактарына чейин тараган.

Жадид кыймылындагылар Орусия бийлигине түрдүү талаптарды коё баштаган. Мисалы, 1913-жылдагы «Голос Туркстана» гезетасында мындай талаптар коюлгандыгын өзбек тарыхчысы Х. Зиёев жазып чыгат: 1. Сибирь темир жолунан Ооганстанга жана Иранга чейинки жердеги жашаган бүткүл жергиликтүү калктар менен орустар арасында укук жана салыктар боюнча тең укуктуулук сакталышы керек. 2. Көчмөн турмушта жашаган мусурмандарга кыштактардан жана шаарлардан жер бөлүнүп берилгенге чейин келгин орустарга жер бөлүп бербөө зарыл. 3. Заманбап агартуу ишин таркатуу кажет. Ал мезгилде мындай талаптарды коюу падышалык Орусия үчүн албетте коркунучтуу болгон.

Жадидчилер борбор азиялык жаштар орус тилин эле билбей, чет өлкөлөрдүн тилин билсин, Германия, Англия, Франция сыяктуу мамлекеттерден окусун деген алысты көздөгөн ойлорду айтышкан. Жадидчилик саясый кыймыл болгон, тилдер менен тилдердин, диндер менен диндердин, цивилизациялар менен цивилизациялардын ортосундагы кагылышуулардан чыккан. Буга биринчи кезекте Фергана өрөөнүндөгү, жалпы эле Түркстандагы элдин эркин боло албай кысылышы, динге үстөмдүк кылуу себеп болгон.

Жаңы тартип менен окуткан жадид мектеб-медереселери мурдагы мектеб-медреселерге караганда бир топ айырмачылыктарын көрсөткөн, алар биринчи кезекте төмөнкүлөр менен байланышат:

1. «Усулу кадим» мектебдеринде мурда колдонулуп келген тамгалык-муундук усулдун ордуна жаңы «усулу жадид» билим берүү мекемелеринде тыбыштык-добуштук усул колдонулган, б.а., тамга (көрүүгө) гана негизделбестен, тыбышка (угууга) өзгөчө маани берилген, бул араб тилиндеги тыбыштарды жана сөздөрдү туура айтууга жатыктырган.

2. Окуган текстти түшүндүрүү методуна артыкчылык берилген, б.а., мурдагы куру жаттап алуу ыкмасынан качып, эми окуганын түшүнүүгө жана түшүнгөнүн айтып берүүгө өзгөчө маани берилген, бул болсо өз кезегинде балдардын логикалык ой жүгүртүүсүн калыптоого, сөз байлыктарын өстүрүүгө чоң көмөк көрсөткөн.

3. Үйрөнүүчүлөрдүн оозеки кеби менен жазуу кеби бири-бирин толуктап барышына ыңгайлуу шарт түзүлгөн.

4. Мурдагы мектеб-медреселерде тизелеп отурушуп, тактачага, тери бетине, койдун же уйдун далы сөөктөрүнө жазышкан болсо, эми доска жана бор сыяктуулар пайдаланылды.

5. Окутуу каражаттары (мисалы, китеп, дептер, географиялык карталар, глобус ж.б.) колдонула баштаган.

6. Окуу процессинин уюштурулушун жалпы педагогикалык илим иштеп чыккан илимий дидактикага негиздешкен.

7. Жаңы усулдагы мектеб жана медреселерге европалык билим жана тарбия алган, татар, крым татары, башкорт жана Казан, Уфа шаарынан барып окуп келишкен кыргыз, өзбек, казак, тажик жаштары аралашып, сабак өтө баштаган.

8. Окуучулардын илимий-билимдерин, дүйнө таанымын кеңейтүү максатында математика, география, тарых, биология, дене тарбия сыяктуу сабактар окутулган.

9. Улуттук маданиятты, оозеки жана жазма адабиятты окутууга көңүл бурулган.

10. Балдарга эне тилинде билим берүү артыкчылык багыт катары эсептелген.

11. Биринчи жолу сабакка келгендер араб тилинен мурда эне тилиндеги «Алиппе» китебин окуй баштаган.

12. Окутуунун класстык-сабак системасы киргизилип, белгилүү убакыт жана орун (класс) тартиби иштелип чыккан.

13. Кыз-келиндерди окутууга да маани берилген.

14. Падышалык Орусиянын колониялык саясатына каршы болуп, элдердин жана улуттардын эркиндигин жогору койгон идеяны алдыга сүрөгөн. Ошондуктан орусиялык падышалык бийлик бул билим берүү жайларынын иштеп турушун каалаган эмес.

15. Эски диний мектеб-медреселердин окутуу методдорун реформалап жибергендиктен мусулман окуу жайларынын диний фанаттары да жадид билим берүү мекемелеринин ачылышына жана иштеп турушуна каршы болгон учурлар кездешкен.

16. Окуу жүгү көбүнчө мындай болгон: бир жумада – 25 саат, анын 20 сааты дин багытындагы сабактар – 5 саат, б.а., 20 пайызы светтик илим-билимдер.

Фергана өрөөнүндө эң биринчи жадид окуу жайлары 1898-жылы Кокон шаарында ачылып, 1911-жылы Түркстан республикасы боюнча алардын саны 63гө жетип, 4106 бала окуган, мугалимдеринин көпчүлүгү татарлар болгон.

Жадид медреселеринен И. Арабаев, О. Сыдыков, Молдо Кылыч, Тоголок Молдо, Абдыкалык Чоробаев, Токтораалы Талканбаев, Ысак Шайбеков, Базаркул Данияров ж.б. улут каймактары бүтүрүп чыккан. Фергана өрөөнүнө жадидчиликти таратууда үлгү болгон агартуучулар катары Мунаввар-кары Абдурашидханов, Махмудходжа Бехбуди, Абдурауф Фитрат, Ишеналы Арабаев, Абдулла Авлони, Хамза Хаким Заде Ниязи сыяктуу агартуучулардын окуу китептерин, илимий-адабий чыгармачылыгын, педагогдук иш-аракеттерин жалпы билим берүү тармагынын контекстинде чагылдырууга аракет кылдык. Ошол эле учурда жадид билим берүү уюмдарынын окуу куралдарын, окуу каражаттары жана басылмаларын атап көрсөттүк, алардын жадидчилик идеяларын таратуудагы маанисин ачып бердик. Биздин изилдөөдө 1916-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүшүндө жадидчилердин ролу да конкреттүү фактылардын негизинде тастыкталды.

Биздин изилдөөлөр боюнча XIX кылымдын экинчи жарымындагы XX кылымдын башындагы Фергана өрөөнүндө жадид мектептеринде окугандар мурдагы кадим мектеб-медреселерине караганда прогрессивдүү болуп, илимдин көп тармактары, искусство боюнча түшүнүктөргө ээ болгон жана коомдук-саясый түзүлүштү өзгөртүү үчүн аракет кылышкан.

Ушул эле баптын *«Орус-тузем мектептеринин педагогикалык системасы жана алардын элге билим берүүдөгү ролу» аттуу 2-параграфы* орус-тузем мектептеринин педагогикалык системасын жана алардын элге билим берүүдөгү ролун көрсөтүүгө арналды, ал үчүн андан мектептердин ачылыш тарыхына экскурс жасап жана аларды ачуунун коомдук-саясый маанисин түшүндүрдүк. Орус-тузем мектептеринин пайда болушу, калыптанышы үчүн салым кошкон агартуучулардын агартуунун жана педагогиканын тарыхындагы ордун белгиледик, окутуу-тарбиялоо системасынын артыкчылактарын жана кемчилдиктерин көрсөттүк.

Аларды Түркстан крайынын орус администрациясы ачкан жана жарым-жартылай каржылаган, калган каржы маселесин колунда бар кишилер көтөргөн.

Мындай мектептерди ачуунун коомдук-саясый, социалдык-турмуштук *себептери, өбөлгөлөрү* төмөнкүлөр болгон:

1. Бул жердеги мурда иштеп келген диний окуу жайларынын эл ичиндеги таасиринен корккондук жана аларга альтернатива издегендик.

2. Улам көбөйүп жаткан келгин орустардын окууга болгон талабын канааттандырууга кам көргөндүк.

3. XIX кылымдын соңку жылдарында жана XX кылымдын башында Түркстандын экономикалык, соода жана маданий кызматташтыктарынын кеңейип, орус жана жергилик элдин тилдерин бирдей билген адистерге муктаждык.

4. Жалпы падышачылык Орусиянын дүйнөлүк илим-билимден артта калып келе жаткандыгы жана ошол бөксөлүктү толтуруу үчүн илим-билимге маани бергендик.

5. Орто Азиянын элдери менен мамилени жогорулатуу үчүн алардын жаштарына билим берүүнү туура көргөндүк.

6. Түркстан крайында жалпы орусиялык типтеги мектептер анчалык натыйжалуу болбой жаткандыгы аныкталып, башкача бир типтеги билим берүү мекемелеринин зарылдыгы сезилгендиги.

7. Бул аймактардан ислам дининин ордун сүрүп чыгарып, ордуна христиан динин жайылтууга аракет кылгандык ж.б.

Орус-тузем мектептеринин эң эле биринчи көңүл бурган өзгөчөлүгү – орус тилин үйрөтүү болгон, андыктан да балдар мындай мектептерге кирери менен сабактар орусча өтүлгөн, бири-бири менен орусча сүйлөшкөн, орус маданиятын, тарыхын, адабиятын окуп үйрөнүшкөн, орус этикасын жана эстетикасын карманышкан. Орус-тузем мектептерин кийин Кыргызстандын атактуу адамдары болгон «кызыл профессор» К. Тыныстанов, тилчи Х. Карасаев, коомдук ишмерлер А. Сыдыков, Т. Айтматов, Ж. Абдрахманов, адабиятчы Т. Жолдошев, жазуучу-журналисттер С. Карачев, О. Алиев ж.б. окуп бүтүргөн.Ош орус-тузем мектебинде Казан университетинде окуп келген Алымбек датканын небереси Жамшитбек Карабеков мугалим болуп иштеген. И.П. Ювачев 1902-жылы 15-мартта Ош шаарына келгенин, ал жерден Курманжан датканын уулу Махмудбек Мады кыштагынан орус-тузем

мектебинин мугалими, котормочу Жамшитбек Карабаевди ээрчитип келгенин «Курбан-Джан-Датха, кара-киргизская царица Алая» деген макаласында жазган.

Ушул эле мектепте агартуучу, саякатчы, улуту тажик, Мырза Фазылбек Касымбеков (1863-1919-жж.) да эмгектенген. Орус-тузем мектептеринин окуу программасына куран жана хадис үйрөнүү киргендиктен жергиликтүү эл балдарын ошол мектептерге берүүгө кызыккан. Класстык-сабак системасы кирген, мугалим менен окуучунун диалогу негизги метод болгон.

Кийин 1907-жылы 29-майда Түркстан генерал-губернатору бекиткен С.М. Грамениций түзгөн программа менен окутуу ишке ашырылган. Ага ылайык бала биринчи жылы төмөнкүдөй иштерди аткарган: айлана-чөйрөсүн карап туруп сөздөрдү оозеки айткан; тамгаларды элементи менен жазууну үйрөнгөн; баш тамгаларды айырмалоого көнүшкөн, орусча сөздөрдү көчүрүп жазууну өздөштүргөн. Экинчи жылы сөз байлыктарын өстүрүп тегерек-четти сүрөттөп жазган; чакан тексттерди кайра айтып же жазып берген. Үчүнчү жылы сөздү сөзгө курап, сүйлөм түзүп текст жазышкан; жат жазууну (диктант) үйрөнгөн. Төртүнчү жылы бир кыйла чоң тексттерди оозеки айтып берген, маанисин түшүнүп жазып берген; окуялардын сүрөттөп айтып жана жазып беришкен, иш кагаздарынын ичинен кат, телеграмма, арыз жазып үйрөнгөн.

Мына ушул мезгилде окуучулар Орусиянын тарыхы, географиясы тууралуу маалымат алып турган. 1-4-класстардын арифметикасында жөнөкөй сандарды ирети менен санашкан; көбөйтүүнүн таблицаларын айтып берген; көбөйтүүнү жана бөлүүнү билген. Эң эле белгилей турган нерсе ал мектептерде К.Д. Ушинскийдин «Родное слово» деген китеби окулган, анда моралдык-этикалык кыска аңгемелер берилет, кийин ушундай аңгемелерден турган окуу китептерин орус-тузем мектептеринде окуган Касым Тыныстанов кыргыз мектептери үчүн жазып, окуу китептерине киргизген. Ошондой эле «Азбука» (Наливкин), «Самоучитель» (Оракулов), «Книга для чтения» (Яшин) деген китептер, Букин менен Лапиндин сөздүгү окутулган.

XIX кылымдын соңку жылдарындагы жана XX кылымдын башындагы орус-тузем мектептери Фергана өрөөнүндөгү билим берүү мекемелерин жалгыз тиби болгон эмес, усули кадим (эски ыкма) жана усули жадид (жаңы ыкма) менен окуткан татар, өзбек, тажик, кыргыз мектеб-медреселери, орус-тузем жана орус мектептери иштеген. Мисалы, 1883-жылы Ош уездинде 86 мектеб-медреселер болуп, аларда 940 бала окуган, ал эми 1914-жылы 83 мектеб-медресе иштеген. Окуучулардын саны 4000ге жеткен. 1914-жылы жалпы Фергана облусунда 2600 мектеб, 368 медресе, 37 усули жадид мектептери иштеп турган, аларда 54 миң бала окуган, алардын улуттук курамы өзбектер, кыргыздар, тажиктер, орустар, татарлар, түрктөр, лөлүлөр ж.б. элдерден болгон. Бирок жергиликтүү калктын медреселерге, орус-тузем мектептерине окуу муктаждыгы жогору болгон.

Адабиятчы С. Жигитов белгилгендей, араб тилиндеги мектеб-медреселерде, орус-тузем мектептеринде билим алып окуй жана жаза алууга жетишүү кыргыздар үчүн прогрессивдүү мааниге ээ болгон. Алар:мусулман

цивилизациясынын мурастарын үйрөнгөн;орто кылымдык араб билиминин динге байланышпаган айрым элементтери менен да таанышкан;исламдашкан иран жана түрк тилдүү калктарга тиешелүү көркөм сөз маданиятынын кээ бир дөөлөттөрүн окушкан;кыргыз лексиконуна араб, парсы тилдеринен көп сандаган лексикалык туюнтмалар, өзгөчө абстрактуу логикалык түшүнүктөр оошуп өткөн;кыргыз фольклору менен күн чыгыш адабиятындагы кээ бир салттуу сюжеттер менен образдар трансформацияланып сиңишип кеткен;араб жазуусу Тоголок Молдо сыяктуу кыргыз ырчыларына өз чыгармаларын кагазга түшүрүш үчүн кызмат кылган (бирок бул жерде ошол учурдагы саясатка байланыштуу С. Жигитов жазгыч акындар Молдо Нияз, Нурмолдо, Алдаш Молдо, Молдо Кылыч ж.б. инсандардын атын атай албай жатат);араб тамгалары менен тектеш түрк тилдеринде басылып чыккан адабий китептер жана демократчыл газета-журналдар менен таанышып, аң-сезимин өстүрүүгө жана маалыматтар менен таанышып турууга шарт түзүлгөн;сабаттуу кыргыз жаштарынын китеп окуу маданияты пайда боло баштаган;улуттук маданият, тил башка элдердин жана цивилизациялардын тили жана маданияты менен интеграциялашкан ж.б.

*«XIX кылымдын экинчи жарымындагы жана XX кылымдын башындагы Фергана өрөөнүнүн билим берүү уюмдарынын салыштырма педагогикалык анализи» деген параграфы* Фергана аймагындагы 70 жылдай мезгил аралыгындагы үч түрдүү окуу уюмдарынын: эски (кадими) усулда окуткан мектеб-медреселердин, жаңы усулда (усулу-жадид) окуткан мектеб-медреселердин, орус-тузем мектептеринин педагогикалык ишмердүүлүктөрүнүн салыштырма анализин көрсөтүүгө арналган.

**Таблица 4.3.1 – XIX кылымдын экинчи жарымында жана XX кылымдын башындагы Фергана өрөөнүнүн билим берүү тармагынын салыштырма педагогикалык анализи (иштөө мезгили, уюштурулушу, окутуунун милдети, максаты боюнча)**

| | **Ислам динин үйрөтүүчү усулу-кадим (эски усулдагы) мектеб, медреселер** | **Ислам динин үйрөтүүчү усулу-жадид (жаңы усулдагы) мектеб, медреселер** | **Орус-тузем мектептери** |
|---|---|---|---|
| **Билим берүү тармактарынын Фергана өрөөнүндө иш жүргүзгөн мезгили** | XII-XIX кылымдар | 1898-1920-жылдар | 1894-1922-жылдар |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **Билим берүү системасынын уюштурулушу** | Үч баскычтан турган: адио (төмөнкү); аусот (ортоңку); агло (жогорку). Мунун баарын кошкондо 20 жылга чейин созулуп кеткен. Балдар кайсыл бөлүмүн бүтсө, андан ары улантууну өздөрү жана медреселер чечкен. Окуу мезгили октябрдан апрелге чейин болгон. Негизги талап – ислам шариатынан чыкпоо. Уюштуруучулары – соодагерлер, дин аалымдары, молдолор, байлар, аскер башчылары, манаптар, бийлер. Менчик формасы – жеке менчик, бир-эки Кокон хандыгынын казынасынан каржыланган хандык медреселер да болгон. | Ислам динин үйрөтүүчү усулу-кадим (эски усулдагы) мектеб, медреселери жаңы усулдар менен окутууга өткөн. Мурдагы окуу имараттары – мектеб, медреселер сакталган. Окутуу иши ошол кездеги европалык стандартка жакындашкан. Билимдүү кадрлар көбөйгөн. Окуу предметтерине светтик сабактар кошулган. Дин сабактары азайып, жалпы билим берүүчү сабактар көбөйгөн. Менчик формасы – жеке менчик. | Падышалык Орусиянын мамлекеттик уюмдары жана айрым жеке адамдар тарабынан уюштурулган. Көбүнчө Борбордук Орусиядан келген аскер адамдарынын, помещиктердин, жумушчулардын, кызматкерлердин балдары үчүн ачылган. Окуу имараттары орусиялык типте салынган. Мугалимдери да европалык типте кийинген. Окуучулары ачык кийинген. Кыздар менен уландар бирге окуган. Класстык сабак системасы ишке ашырылган. Мектептер ар кандай кокустуктарга каршы аскер адамдары тарабынан коргоого алынган. Жогору турган билим берүү башкармалыктарына отчёттуу болгон. |
| **Окутуунун милдети, максаты** | Куран жаттоо, куран чечмелөө, хадис жаттоо, хадистерди | Куран жаттоо, куран чечмелөө, хадис жаттоо, | Орус тилинде окууну, жазууну, сүйлөөнү үйрөнүү. Падышалык |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | чечмелөө. Арабча жазуу, фарсий тилинде окуу, Арабча, фарсиче тексттерди которуу. Медреселерде беш убак намаз окуу. Азан айта билүү. Диний даабат жүргүзүүгө даяр болуу. Айрым медреселерде илимдин башка түрлөрү менен да тааныштырылган. | хадистерди чечмелөө. Арабча, фарсиче жазууга, окууга көнүгүү. Арабча, фарсиче тексттерди которуу. Жалпы билим берүүчү билимдер (математика, тарыхы, география, табияттаануу, тил илими ж.б.) менен таанышуу. Коомдук илимдерди, саясатты таанып билүү. | Орусиянын тарыхы менен таанышуу. Орусиянын географиясын, климатын билүү. Орус адабиятынын үлгүлөрүн окуу жана аларга адабий талдоо берүү. Жергиликтүү элдин (туземдердин) салт-санаасын сыйлоо, этнографиясын үйрөнүү ж.б. |
| **Окутуу тили** | Араб, фарси тилдери жана жазуулары | Араб, түрк, анча-мынча учурда эне тили | Орус тили, анча-мынча жергиликтүү элдин тили. Иш-чаралар орус тилинде өтүлгөн. |

Жогоруда көрсөтүлгөн Фергана өрөөнүндөгү билим берүү уюмдарынын өзгөчөлүктөрү шарттуу түрдө берилген, кээ бир айылдардагы мектебдерде, медреселерде бул жерде көрсөтүлгөн талаптар толук аткарылбай калса, хандыкка караштуу каржылык колдоосу күчтүү медреселердин окуу базасы кубаттуу, мутавалилер жана мударистер курамы билимдүү болгон.

Жалпысынан, XIX кылымдын экинчи жарымында жана XX кылымдын башында Фергана өрөөнүндө жашаган кыргыздар, өзбектер, тажиктер, уйгурлар, барластар, лакайлар өз эне тилинде окуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон эмес, айрым гана учурда жергиликтүү элдин тилдеринде окутуу ишке ашырылган, бирок бул массалык көрүнүш катары тарых барактарында катталган эмес. Экинчиден, билим алууга кеңири эл массасы тартылбаган, билим алуу айрым гана жаштардын энчиси болгон, мунун себептери: мектеб-медреселердин жетишсиздиги; элдин өтө жакыр катмарынын арбындагы;

шаар калкынын аздыгы жана анын карама-каршысы катары элеттиктердин, тоолуктардын көптүгү; башка тилде (араб, фарси) тилинде окуунун кыйынчылыгы ж.б.

**Таблица 4.3.2 – XIX кылымдын экинчи жарымында жана XX кылымдын башындагы Фергана өрөөнүнүн билим берүү тармагынын салыштырма педагогикалык анализи (окутуучулар курамы, окутуу үчүн каражаттар, окуу китептери, окутуу орду боюнча)**

| | **Ислам динин үйрөтүүчү усулу-кадим (эски усулдагы) мектеб, медреселер** | **Ислам динин үйрөтүүчү усулу-жадид (жаңы усулдагы) мектеб, медреселер** | **Орус-тузем мектептери** |
|---|---|---|---|
| **Окутуучулар курамы** | Мутавали, мударис, имам, азанчы | Мутавали, мударис. Уфадагы «Галия», Оренбургдагы «Хусеиния», Казандагы «Мухаммедия», Бухара, Багдад, Дамаск шаарларындагы медреселерден окуп келген адистер жана жергиликтүү медреселерди бүтүргөндөр. | Орусиянын борбордук шаарларынан педагогдук билим алып келген славян улутундагы адистер. Падышалык Орусия ачкан Ташкент шаарындагы мугалимдер семинарийлерин, гимназияларын бүтүргөн өзбек, кыргыз, тажик ж.б. жергиликтүү улуттардын өкүлдөрү. |
| **Окутуу үчүн каражаттар** | Минбар, китеп окуу үчүн алдыга коюучу тактайлар. Тери бетине, койдун же уйдун далы | Бор катары арчанын көмүрү, доска катары колдонуучу тактай. | Класс, парталар, доска, дептер, карандаш, географиялык карта жана атлас |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | сөөктөрүнө жазышкан. | | |
| **Окуу китептери** | Кураны карим, хадистер, ислам укуктары боюнча китептер | Куран, хадистер, «Аптиек», «Суфи-Аллаяр» , «Чаар китеп». Суфий акындарынын (Ахмет Яссавий, Машраб, Рабгузий ж.б.) ырлары. Классикалык чыгыш поэзиясы: Низами, Хафиз, Саади, Жами, Навои ж.б. Татар тилиндеги Каюм Насири, Таиб Яхин ж.б. авторлордун окуу китептери. Мунаввар-кары Абдурашидханов жазган окуулуктар: «Адиби аввал» (окуу үчүн алгачкы китеп), «Адиби соний» (Арифметика), «Ер юзи» (география) ж.б. Махмудходжа Бехбуди жазган «Мунтахаби жугрофияи умумий» – «Кискача умумий жугрофия» («Кыскача жалпы география»), «Китоб-ул-атфол» – «Болалар учун китоб» («Балдар үчүн китеп»), «Болалар мактублари» («Балдар каттары»), «Мухтасари тарихи ислом» («Кыскача ислам тарыхы») ж.б. окуулуктар. С.Саидазизовдун | «Азбука» (Наливкин), «Самоучитель» (Оракулов), «Книга для чтения» (Яшин) деген китептер. Букин менен Лапиндин сөздүгү. А.С.Пушкин, И.А.Крылов, М.Ю.Лермонтов, Л.Н.Толстой ж.б. орус классик жазуучуларынын чыгармалары. К.Д.Ушинский «Родное слово» ж.б. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | «Устози аввал» («Биринчи устаз») деген өзбек тилиндеги алиппе китеби. Э.Арабаев менен Х.Сарсекеев жазган «Алипфе йаки – төтө окуу» («Алиппе, же тез окууга үйрөтүү», 1911-ж.) деген казак, кыргыз тилиндеги китеп ж.б. | |
| **Окутуу орду** | Окуу өтө турган жайы – мектеб, медресе, мечит, үйлөр. Эркек балдар өзүнчө, кыздар өзүнчө мектеб, медреселерде окуган. | Мектеб, медресе. Уландар менен кыздар бөлүнүп окушкан. | Атайын салынган, класстык бөлмөлөрү, мугалимдер бөлмөсү, китепканасы бар мектеп имараттары. |

Мындан көрүнүп турган нерсе кадимки ислам окуу жайларына караганда жадид мектеб-медреселери бир кыйла прогрессивдүү болгон, аларда европалык билим алып келген адистер иштей баштаган жана атайын жазылган окуу куралдарын пайдаланышкан. Окуу китептеринде жергиликтүү материалдар да кошулуп окутулган. Араб, фарси тили менен бирге эле эне тилин үйрөнүү да керектиги баса белгиленген.

**Таблица 4.3.3 – XIX кылымдын экинчи жарымында жана XX кылымдын башындагы Фергана өрөөнүнүн билим берүү тармагынын салыштырма педагогикалык анализи (окуу предметтери, окутуунун дидактикалык принциптери боюнча)**

| | **Ислам динин үйрөтүүчү усулу-кадим (эски усулдагы) мектеб, медреселер** | **Ислам динин үйрөтүүчү усулу-жадид (жаңы усулдагы) мектеб, медреселер** | **Орус-тузем мектептери** |
|---|---|---|---|

| | | | |
|---|---|---|---|
| **Окуу предметтери** | Араб тили, фарси тили, ислам илими, ислам мыйзамы, логика | Араб тили, куран чечмелөө, куран жаттоо, хадис илими, исламият. 20 пайызы тарых, эсеп-алгебра (ал-Хоразмий окуусу), география, агрономия, медицина ж.б. | 1-класста жазуу, окуу, эсеп, орус тили. «туземдер» – жергиликтүү тилдерде орусчадан которулган Орусиянын тарыхы, Орусиянын географиясы, орус тили. Куран. Хадис. Ислам укугу. |
| **Окутуунун негизги дидактикалык принциптерин колдонуусу** | жөнөкөйдөн – татаалга, улануучулук | Жаттоо аркылуу эске тутуу, теория менен практиканын байланышы, жөнөкөйдөн – татаалга | Акыл-эстүүлүк, аң-сезимдүүлүк, ырааттуулук, жеткиликтүүлүк, улануучулук |

Окуу ишин ийгиликтүү жүргүзүү иши – окуу предметтеринин тандалышы менен байланыштуу. Окуу предметтери – окуучулардын дүйнө таанымын ар тараптуу өнүктүрүүгө жардам берет. Эски ислам медреселеринде окуу предметтери чектелүү болуп негизги көңүл куран аяттарын жаттоого багытталган. Куранды башынан аягына чейин жатка айтып бергендер бүтүн каары аталган. Бүтүн каарылар фонеменалдуу эс тутумга ээ болуп, курандын кайсыл жеринин болбосун жатка айтып кете алган. Алар кыраатында менен үн кубултуп куран окушат. Мындай ишмердүүлүктү толук ишке ашыруу үчүн алар кеминде 5-6 жыл окушкан. Бирок буларда схолостика, догма үстөмдүк кылып, текстти чечмелөө жагынан кыйынчылыкка учурашкан. Ал эми молдолордун көбү курандын бүт тексттин жатка билген эмес, алар китептен карап куранды шар окушкан жана отурган элге бул же тигил аяттагы айтылган ойлорду чечмелеп, түшүндүрүп берген. Булар да ар тараптуу илимдер менен кеңири тааныш болбогондуктан куранга илимий комментарий берүүдөн кыйналган. Каарылар жана молдолор коомдук-саясый турмушка активдүү аралашкен эмес, алар элдин диний сабатын көтөрүүгө гана өзгөчө кам көргөн. Жадид ислам медреселеринде окугандар табият таануу жана коомдук гуманитардык илимдер менен да таанышкандыктан ар тараптуу өнүккөн, айрымдары орус, түрк, татар тилдерин билген адистер болгон. Диний билими өтө терең болбой калган учурлары кездешет. Бул окуу жайларын бүтүргөндөр коомдук, саясый, мамлекеттик турмушка кеңири аралашкан, 1916-жылдагы улуттук-

боштондук көтөрүлүшүн уюштурууга да, өткөрүүгө да, Кеңеш бийлиги орногондон кийин эл агартуу ишине да булар чоң салым кошкон.

Диссертацияда андан ары билим берүү уюмдарынын окутуу технологиялары *(таблица 4.3.4),* каржылоо формалары, бүтүрүүчүлөрү *(таблица 4.3.5),* бүтүрүүчүлөрү ээ болгон компетенттүүлүктөр боюнча *(таблица 4.3.6)* салыштырма-педагогикалык анализи берилет жана билим берүү уюмдарынын улам кийинки түрлөрү прогрессивдүү болгондугу далилденет.

## ЖАЛПЫ ЖЫЙЫНТЫК

Фергана өрөөнүндө жайгашкан билим берүү мекемелеринин, алардын негизгилери болгон мусурман мектеб-медреселеринин, жадид мектебдеринин, орус-тузем окуу жайларынын XIX кылымдын экинчи жарымындагы жана XX кылымдын баш жагындагы (Октябрь революциясына чейинки) абалын, окутуу жана тарбиялоо системасынын, окуу программаларынын, окуу китептеринин, окутуу методикаларынын өзгөчөлүктөрүн тарыхый-педагогикалык аспектиден изилдөөгө алган бул эмгегибизди жыйынтыктап төмөнкүдөй корутундуларга келдик.

**1.** XIX кылымдын экинчи жарымындагы жана XX кылымдын башындагы Фергана өрөөнүнүн билим берүү тармагыын тарыхый өнүгүшүн педагогикалык аспектиден талдоонун методологиялык-теориялык проблемаларын үйрөнүү болгондуктан, философиялык, тарыхый, педагогикалык багыттагы адабияттар, архивдик-документалдык материалдар теманы ачууга ар тараптуу жардам берди. Биздин тема боюнча иликтөөлөр XIX кылымдын экинчи жарымынан эле башталган, Фергана өрөөнүндөгү мектеб-медреселер тууралуу эң алгачкы маалыматтар европалык жана орус саякатчылары, Падышалык Орусиянын мамлекеттик жана аскердик чиновниктери, Түркстанга жиберилген агартуу тармагынын адистери тарабынан айтылган. Бул тарыхый-педагогикалык процессти кийин советтик окумуштуу тарыхчылар жана педагогдор изилдешти, алар бир топ терең изилдөөлөрдү аткарганы менен ал учурдагы саясий кырдаалга байланыштуу диний билим берүү мекемелери тууралуу толук объективдүү баасын айта алышкан эмес, себеби коммунисттик-тоталитардык доор, атеисттик идеология ислам дининин прогрессивдүү жактарын көрсөтүүгө тымызын да, ачык да тыюу салып келген. XX кылымдын 90-жылдарынын кийин гана кайра куруунун, эгемендүүлүктүн шарапаты менен мусулман окуу жайларына, жадид жана орус-тузем мектептерине тарыхый принцип менен объективдүү баа бериле баштады. Биз темабыздын тегерегиндеги мына ушул процесстин эволюциясына токтолуу менен аларды ырааттуулукта өнүктүрүп, жаңы көз караштар менен мындан 100-150 жыл мурдагы агартуу тармагынын тарыхый өнүгүшүнө педагогика илиминдеги компетенттүүлүк, ааламдашуу доорундагы илимий билимдердин интеграцияланыш мыйзам ченемдүүлүктөрү, социомаданий байланыш ж.б. прадигмалардын призмасы аркылуу чагылдырылды.

**2.** XIX кылымдын экинчи жарымында жана XX кылымдын башында Фергана өрөөнүндө курулган жана иштеп жаткан ислам динин үйрөтүүчү мектеб-медреселердин окуу ишмердүүлүгүн уюштуруу өзгөчөлүктөрүнө анализ жүргүзүү эле, бул багытта биринчи кезекте изилдөөнүн логикасына ылайык араб билим берүү системасынын Борбор Азияга тарашы, куран жана хадистердин тарбия-таалим берүүдөгү орду, орто кылымдагы энциклопедист аалымдардын илимий ачылыштары жана табылгалары кайсыл аспектиден окуу программаларынан орун алгандыгы көрсөтүлдү. Андан ары Кокон хандыгына караштуу медреселердин, Алымбек датканын, Молдо Кыргыздын, Молдо Нияздын, Мырзакул болуштун медресеси сыяктуу Кокон, Ош, Андижан, Наманган, Маргалаң, Каниадам ж.б. Фергана өрөөнүндөгү ондогон шаарлардагы медреселердин ачылыш тарыхы, окуу процессинин өзгөчөлүктөрү, каржылык булактары, мутавали-мударистери, талабалары тууралуу маалыматтар анализденди. Ислам динин үйрөтүүчү мектеб-медереселер, каарыханалар элди ыймандуу, сабырдуу, адептүү, эмгекчил, чынчыл болууга үндөп, калктын сабатын көтөрүүдө кандайдыр бир деңгээлде кызмат кылып келгендиги конкреттүү мисалдардын негизинде тастыкталды.

**3.** XIX кылымдын экинчи жарымындагы жана XX кылымдын башындагы Фергана өрөөнүндөгү мектеб, медреселердеги билим берүүнүн мазмунунун, принциптеринин, каражаттарынын жана формаларынын салттуулугун көрсөтүү болгондуктан Борбор Азияга араб билим берүү системасынын киргизилиши, диний билим берүү уюмдарында Куранды жана хадистерди үйрөтүүнүн тарыхы жана таалим-тарбиялык мааниси, Борбор Азияда орто кылымдарда жашаган энциклопедист-аалымдардын эмгектерин медреселерде окуп-үйрөнүүнүн максаты жана мазмуну ачылды. Традициялуулук араб дин таратуучуларынын XI кылымда Борбор Азияны басып алуулары менен кошо келген мусулман диний окуу жайларына киргизилген окуу материалдары араб жана фарси тилинде окутулган Куран, хадис, мусулман укугу өзөктүү бойдон сакталып келсе, кийин Беруни Абу Райхан, Аль-Фараби, Ибн Сина, Улукбек ж.б. агартуучулар тарабынан математика, медицина, астрономия, география ж.б. илимдерден түшүнүктөр бериле баштаган. Ал эми жадид мектептеринде эне тилинде окутуу, фонетиканы тыбыштык-добуштук усулда окутуу технологиялары киргизилген. Орус-тузем мектептеринде классикалык адабият, Орусиянын географиясы, тарыхы окутулган, билим берүү кош тилде (орус жана жергиликтүү элдердин тилдери) жүргүзүлгөн. Бул процесс билим берүү уюмдарынын педагогикалык системасынын традициялуулугун жана новаторлугун көрсөтөт.

**4.** Фергана өрөөнүндө билим берүүдөгү жадид жана орус-тузем мектептеринин пайда болушунун коомдук-тарыхый өбөлгөлөрүн жана ордун белгилөө болуу менен жадид жана орус-тузем мектептеринин ачылышы үчүн коомдук-саясий өбөлгөлөрдү (Орусиянын колониялдык саясаты; орус

окумуштууларынын Борбор Азияга кызыгуулары; жергиликтүү жаштардын ар тараптуу илим алууга кызыгуусу ж.б.) көрсөтүп, алардын иштөө принциптеринин оң жактарын (класстык сабак системасы; окуучу жана мугалим мамилеси; доска, китеп, дептер пайдалануу; окуу программасындагы ырааттуулук ж.б.) жана агартуу системасындагы орду ачылат. Жадид мектептеринин өзгөчөлүктөрү: атайын окуу китептеринин кеңири колдонула башташы; мугалимдердин европалык илимий педагогика менен тааныштыгы; медреселердин даткалар, манаптар, бийлер ж.б. колунда бар адамдар тарабынан окуу бөлмөлөрүнө жана жатаканаларга ылайык салынышы жана мударистердин, талабалардын каржылык жактан каржыланышы ж.б. Иште жадид жана орус-тузем билим берүү тармактарын өнүктүрүүгө кошкон агартуучулардын педагогикалык ишмердүүлүгүнө да азыркы учурдун талаптары эске алынуу менен баа берилди.

**Практикалык сунуштар:**

Биринчи сунуш – Кыргызстандын жогорку окуу жайларында окутулуп жаткан педагогиканын тарыхы боюнча окуу китептерине мектеб-медреселердин, жадид окуу жайларынын орду тереңирээк жана ар тараптуураак көрсөтүүгө байланышкан толуктоолорду киргизүү зарыл.

Экинчи сунуш – диний багыттагы медреселердин көпчүлүгү тарых барактарында белгисиз бойдон калгандыктан мына ошол белгисиздикти ачыкка алып чыгуу үчүн окумуштуу-педагогдор менен тарыхчы-аалымдар, архив кызматкерлери тийиштүү долбоорлорду биримдикте ишке ашыруусу керек.

**Диссертациянын мазмуну төмөнкү эмгектерде чагылдырылган:**

**Китептер:**

1. **Зулуев, Б.** XIX кылымдын экинчи жарымындагы жана XX кылымдын башындагы билим берүү тармагынын тарыхый өнүгүшү (Фергана өрөөнүнүн мисалында). Монография [Текст] / Б. Зулуев. – Бишкек, Китеп kg, 2018. – 280 б.
2. **Зулуев, Б.** Фергана өрөөнүндөгү медреселер. Окуу колдонмосу [Текст] / А. Муратов, Б. Зулуев. – Бишкек, Китеп kg, 2018. – 72 б.
3. **Зулуев, Б.** Алтын доордун агартуучулары. Окуу колдонмосу [Текст] / А. Муратов, Б. Зулуев. – Бишкек: Китеп kg, 2018. – 96 б.
4. **Зулуев, Б.** Мектепте тарбиялык иштерди уюштуруунун технологиялары. Методикалык колдонмо [Текст] / Б. Зулуев. – Ош, 2013. – 168 б.
5. **Зулуев, Б.** Тарыхый билим берүүнүн мазмунун аныктоонун дидактикалык негиздери. Монография [Текст] / Б. Зулуев. – Бишкек, 2013. – 152 б.

**Илимий макалалар:**

6. **Зулуев, Б.** Тарыхый билим берүүнүн структурасы жана мазмуну [Текст] / Б. Зулуев // И.Арабаев атындагы кыргыз мамлекеттик университетинин Жарчысы. – Бишкек, 2012. – Педагогика жана психология сериясы. 2-бөлүк. – 48-50-бб.

7. **Зулуев, Б.** «Манас» эпосу жана тарых [Текст] / Б. Зулуев // БГУнун Жарчысы. – Бишкек. – 2014. – №4 (30). – 130-132-бб.

8. **Зулуев, Б.** Этнопедагогиканын илим катары таанылышы, илимий багыттары жана башка илимдер менен болгон байланышы [Текст] / Б. Зулуев // ОшМУнун Жарчысы. – Бишкек. – 2014. – №2. – 64-68-бб.

9. **Зулуев, Б.** Элдик педагогика – балдарды окутуп-тарбиялоонун булагы катарында [Текст] / Б. Зулуев // ОГПИнин Жарчысы. – Бишкек. – 2015. – №1. – 3-5-бб.

10. **Зулуев, Б.** Непрерывная система образования и роль кыргызской этнопедагогики в процессе обучения и воспитания личности [Текст] / Б. Зулуев // Известия вузов Кыргызстана. – Бишкек. – 2016. – №8. – 7-9-бб.

11. **Зулуев, Б.** Нурмолдонунун педагогикасы [Текст] / Б. Зулуев // И. Арабаев атындагы кыргыз мамлекеттик университетинин Жарчысы. – Бишкек, 2017. – №1, 2-бөлүк. – 110-113-бб.

12. **Зулуев, Б.** Жадид окуу жайларынын педагогикалык-методикалык өзгөчөлүктөрү [Текст] / Б. Зулуев И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Жарчысы. – Бишкек, 2017. – №1, 2-бөлүк. – 113-116-бб.

13. **Зулуев, Б.** Борбор Азияга араб билим берүү системасынын киргизилиши [Текст] / Б. Зулуев // ОшМУнун Жарчысы. – Ош. – 2017. – №4. – 65-70-бб.

14. **Зулуев, Б.** Борбор Азияда орто кылымдарда жашаган энциклопедист-аалымдардын эмгектерин медреселерде окуп-үйрөнүүнүн мааниси жана мазмуну [Текст] / Б. Зулуев // ОшМУнун Жарчысы. – Ош. – 2017. – №4. – 70-74-бб.

**15. Зулуев, Б.** Ош шаарындагы Алымбек датканын медресесинин билим берүүдөгү ролу [Текст] / А. Муратов, Б. Зулуев // И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Жарчысы. – Бишкек, 2017. – 1-чыг., Педагогика жана психология сериясы. 2-бөлүк. – 102-105-бб.

**16.Зулуев, Б.** Финансовое обеспечение медресе Алымбека датки [Текст] / Б. Зулуев // Сборник научных и учеб.-метод. трудов (Ежегодник). Вып. 19 / Под ред. проф. В.Н. Земцова. – Екатеринбург: УрГПУ, 2017. – С. 91-98.

**17. Зулуев, Б.** Кыргызские медресе во времена кокандского ханства [Текст] / А. Муратов, Б. Зулуев // Сборник научных и учеб.-метод. трудов (Ежегодник). Вып. 19 / Под ред. проф. В.Н. Земцова. – Екатеринбург: УрГПУ, 2017. – С. 121-132

**18. Зулуев, Б.** XX кылымдын экинчи жарымындагы XX кылымдын башындагы Фергана өрөөнүнүн тарыхый-социалдык абалы [Текст] / Б. Зулуев // INTERNATIONAL ACADEMY JOURNAL. Web of Scholar. 1(19), Vol.4, January 2018. – С. 21-25.

**19. Зулуев, Б.** Жадидчилик кыймылынын пайда болушунун коомдук-тарыхый өбөлгөлөрү [Текст] / Б. Зулуев // И.Арабаев атындагы кыргыз мамлекеттик университетинин Жарчысы. – Бишкек, 2018. – №2. – 175-178-бб.

**20. Зулуев, Б.** Борбор Азиянын энциклопедист-аалымдары [Текст] / Б. Зулуев // Web of scholar. изд.: pc глобал Медиа. – Киев, 2018. –Т.4. – №2 (20). – С. 25-29.

**21. Зулуев, Б.** Орто кылым ойчулдарынын педагогикалык ойлору [Текст] / Б. Зулуев // Web of scholar. изд.: pc глобал Медиа. – Киев, 2018. – Т.4. – №2 (20). – С. 30-33.

**22. Зулуев, Б.** Жаңы усулдагы билим берүү мекемелерине адистерди даярдоо проблемасы [Текст] / Б. Зулуев // Актуальные научные исследования в современном мире. – Переяслав-Хмельницкий, 2018. – №6(38). – С. 41-45.

**23. Зулуев, Б.** Литертура джадидистов и активность выпускников в общественной жизни [Текст] / Б. Зулуев // Актуальные научные исследования в современном мире. – Переяслав-Хмельницкий, 2018. – №6(38). – С. 46-53.

**24. Зулуев, Б.** Медресе Молдо Кыргыз и истоки педагогической деятельности Нурмолдо [Текст] / Б. Зулуев // Современный менеджмент: проблемы, модели, перспективы. Сборник научных статей. – Екатеринбург, 2018. – С. 29-31.

**Зулуев Бекмурза Бекболотовичтин «XIX кылымдын экинчи жарымындагы жана XX кылымдын башындагы билим берүү тармагынын тарыхый өнүгүшү (Фергана өрөөнүнүн мисалында)» аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын**

## РЕЗЮМЕСИ

**Түйүндүү сөздөр:** диний билим берүү, медресе, куран, хадис, мударис, жадид, жадидчилик, орус-тузем мектептери.

**Изилдөөнүн объектиси:** XIX кылымдын экинчи жарымындагы жана XX кылымдын башындагы Фергана өрөөнүндөгү билим берүү уюмдарынын өнүгүү процесси.

**Изилдөөнүн предмети:** XIX кылымдын экинчи жарымындагы жана XX кылымдын башындагы Фергана өрөөнүндөгү билим берүү уюмдарынын окутуу каражаттары, окуу куралдары, окутуу методдору, педагогикалык кадрлары жана жалпы агартуу системасы.

**Изилдөөнүн максаты:** Фергана өрөөнүндөгү XIX кылымдын экинчи жарымындагы жана XX кылымдын башындагы билим берүү уюмдарына коомчулуктун жана мамлекеттин мамилеси, алардын эл арасындагы орду, тарыхый өнүгүүсүнүн этаптары, окутуу жана тарбиялоо өзгөчөлүктөрү.

**Изилдөөнүн методдору:** илимий изилдөөлөрдү теориялык-методологиялык талдоо; педагогиканын тарыхына диалектикалык, салыштырма-аналитикалык, тарыхый-ретроспекциялык баа берүү; архивдик, нормативдик документтерди окуп үйрөнүү; анализ жана синтез ж.б.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:** Кыргыз педагогикасында теманын буга чейинки изилденишинин тарыхый эволюциясы бир нече этаптарда көрсөтүлгөн жана жаңы табылган архивдик документтер, илимий булактар менен педагогиканын заманбап прадигмаларына ылайык алгачкы жолу толукталган; Фергана өрөөнүндөгү XIX кылымдын экинчи жарымындагы жана XX кылымдын башындагы билим берүү мекемелеринин коомдогу ролу анализденүү жана синтезделүү менен дүйнөлүк педагогиканын методологиясына ылайык өркүндөтүлгөн; аталган аймактагы жана аталган мезгил аралыгындагы медреселердин, орус-тузем мектептеринин билим берүү өзгөчөлүктөрү талдоого алынып, биринчи жолу педагогикалык аспектиден системалаштырылган. Жогорудагы проблемаларды изилдөөдө тарыхый фактыларга жана көрүнүштөргө илимий-теориялык аспектиден диалектикалык, объективдүү, статисттик баа берүү методологиясы ишке ашырылып, билим берүүнүн жана педагогиканын тарыхын изилдөөдөгү көптөгөн методдор жана ыкмалар азыркы ааламдашуунун шарттарында ылайык өнүктүрүлгөн. Изилдөө процессинде көптөгөн тарыхый объектилер

тууралуу маалыматтар алынып, алгачкы жолу медреселер менен каарыханалардын орду белгиленип, картасы кагазга түшүрүлгөн.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси.** Изилдөөдөн келип чыккан тыянактарды жана сунуштарды кыргыз педагогикасынын тарыхы боюнча окуу программаларын, окуу китептерин, илимий-методикалык эмгектерди жазуу процессинде, студенттер курстук, дипломдук иштеринде, магистрлер жана аспиранттар диссертациялык изилдөөлөрүндө пайдаланышат.


**РЕЗЮМЕ**

**диссертации Б.Б. Зулуева на тему: «История развития образования во второй половине XIX века и в начале XX века (на примере Ферганской долины)» на соискание ученой степени доктора педагогических наук по специальности 13.00.01 – общая педагогика, история педагогики и образования.**

**Ключевые слова:** религиозное образование, медресе, коран, хадисы, мударис, жадиддизм, русско-туземные школы.

**Объект исследования:** является процесс развития образовательных организаций Ферганской долины второй половины XIX века и начала XX века, исторические предпосылки эволюции развития отраслей образования того времени, анализ общественных наук были анализированы, определены историко-сравнительным методом. Диссертационное исследования было направлено на изучение истории педагогики, что не вызвало необходимости проведения педагогического эксперимента.

**Предметы исследований:** учебные средства, учебные пособия, методы обучения, проблемы педагогических кадров и общая система просвещения образовательных организаций Ферганской долины второй половины XIX века и начала XX века были *основными материалами* наших исследований.

**Цель исследования:** изучение отношений общественности и государства к образовательным учреждениям Ферганской долины вконце XIX начале XX веков, и их места среди народа, историческое развитие, особенности обучения и воспитания.

**Методы исследования:** теоретико-методологический анализ научных исследований; диалектическая, сравнительно-аналитическая, историко-ретроспективная оценка истории педагогики; изучение архивных, нормативных документов; анализ, синтез и т.д.

**Научная новизна исследования:** теоретико-методологическая база исследования была обоснована с научного аспекта; определены теоретико-методологические основы исследования; историческая эволюция предыдущих исследований темы показаны в несколько этапов и дополнены новыми находками архивных документов, источников и др. сведений показаны научные источники были дополнены в соответствии с современными парадигмами педагогики; определена роль в обществе образовательных учреждений Ферганской долины во второй половине XIX, в

начале XX века были всесторонне анализированы и синтезированы на данной территории и на определенном промежутке времени особенности медресе, русско-туземных школ были исследованы методом сравнения, отражены с педагогического аспекта; была применена методология диалектической, объективной, статистической оценки исторических фактов и явлений с научно-теоретического аспекта, исползовались множество методов и способов в исследовании истории педагогики и образования.

**Практическое значение исследования.** Выводы и предложения, полученные в результате исследования, можно использовать в совершенствовании учебных программ по дисциплинам: “История педагогики”, “Педагогика и философия образования”, “Педагогические теории, системы и технологии”, содержания учебников, научно-методических трудов. Они могут быть использованы в процессе написания учебных программ по истории кыргызской педагогики, учебников, научно-методических трудов, студенческих курсовых, дипломных работ, также в диссертационных исследованиях магистров и аспирантов.

**SUMMARY**

**Zuluyev Bekmurz Bekbolotovich's dissertations on the topic: "The history of the development of education in the second half of the XIX century and the beginning of the twentieth century (on the example of the Fergana Valley)" for the degree of doctor of pedagogical sciences in the specialty 13.00.01 - general pedagogy, history of pedagogy and education**

**Keywords:** pedagogics history, religious education, madrasah, Koran, Haditha, мударис, zhadiddizm, Russian-native schools, educational institutions, historical development, features of educational system**.**

**Research objective:** studying of the relations of the public and the state to educational institutions of the Fergana Valley at the end of XIX beginning of the XX centuries, and their places among the people, historical development, features of training and education.

**Research object:** educational institutions of the fergana valley at the end of xix beginning of the xx centuries.

**Object of research:** history of educational institutions of the Fergana Valley at the end of XIX beginning of the XX centuries, process of training, the tutorial and feature of educational process.

**Research methods:** teoretiko-methodological analysis of scientific research; studying of archival, normative documents.

**Scientific novelty of a research:** teoretiko-methodological bases of a research are defined; stages of historical evolution of a research of a subject to us are shown, complemented with new archival documents, sources, etc. svedeny; the role of educational institutions of the Fergana Valley at the end of XIX beginning of the XX centuries is defined; an education system and education, features of training of madrasah, Russian-native schools in this area at this stage are analysed and estimated. When studying the above-stated problems from scientific-theoretical aspect the dialectic, objective, statistical methodology of assessment of historic facts and phenomena, isolzovana a set of methods and ways of a research of history of education and pedagogics has been applied.

**Practical value of a research.** Conclusions and offers made as a result of researches can be used in the course of writing of scientific and methodical works, manuals, training programs on stories of the Kyrgyz pedagogics, also course, theses of students, in dissertation researches of undergraduates and graduate students.

## Шарттуу белгилердин, кыскартуулардын, терминдердин тизмеси

**Азанкана** (мунара) – мечиттердеги намазга чакырып азан айтылуучу бийик жер.

**Акжуваз** – шалыдан күрүч бөлүп алчу станоктор.

**Аптик** («хафтияк») – курандын жетиден бир бөлүгүн кыскартып берген китеп.

**Атун-биби мектеби** (отиной мектеб) – кыздар билим алган мектебдер.

**Атинча** – диний билимге ээ жана кыздарды окуткан аялдар.

**Вакуп** (арабча – вакф, көптүк санда – вукуф; сөзмө-сөз которгондо – үстүнөн кароо орнотуу) – мусулман укук термини, кандайдыр бир адамдын, бийликтин дин мекемесине сый кылып берген же осуят кылып калтырган мүлкү.

**Дааратканa** – мечиттерддин намаз алдынан дааратка жуунуучу жайлары.

**Далаилхона** – сооптуу иш катары арабча билбеген чоң кишилерди «далаил-хайрот» китебин окуп өздөштүрүүгө үйрөткөн окуу уюмдары.

**Дарскана** – мектеб-медреселердеги окуу бөлмөлөрү.

**Датка** – кокон хадыгындагы бийик даража.

**Жадид, жадид мектептери** – «усулу жадид», же «жадид», «жаңы тартип», «жаңы усул» деп аталган билим берүү уюмдары. Аларды жалпысынан «жадид» мектептери деп койгон. «усулу кадим», б.а., «кадимки» («эски») усулдан айырмаланып, «жаңы усул» деген ыкмаларменен окуткан диний медреселер жана мектептер.

**Жадидчилер** – жадид кыймылын, жадид мектептерин колдоочулар.

**Ислам окуу жайлары** – ислам динин үйрөтүүчү окуу жайларынын жалпы аты (мектеб, медресе).

**Каары** – куранды жатка билген адам.

**Каарыхана** (каарыкана) – көзү азиз чоң кишилер жатып окушкан, аларга каарыбашы куранды жаттаткан окуу уюмдары.

**Кадим, кадим мектептери** – «усулу жадид» билим берүү уюмдарынан айырмаланып, эски усулдар менен окуткан диний медреселер жана мектептер.

**Кожо, төрө, дамбылда, молдо** – ислам дининин илим-билим таратуучу кишилери.

**Куран** («кор'ан», «кара» – «окуу» деген сөздөн алынган), аны алла таала жердеги өкүлү Мухаммед пайгамбар (570-632-жж.) аркылуу өз пенделерине жиберген. Куран – мусулмандардын адептик эреже-нормаларын белгилеген, анын жоболору ар бир мусулман пендеси үчүн ыйык эсептелген.

**Майжувар** – пахтадан май сыгып алчу станоктор.

**Медресе** – орто жана жогорку билим берүүчү мусулман окуу жайлары. Араб тилиндеги «мадараса» деген сөздөн келип чыккан, бизче «үйрөнүү», «бир нерсени билип алуу», «окуп билүү». Араб мамлекеттеринде ислам дининин пайда болушу менен VIII-IX кылымда пайда болгон.

**Мектеб (мактаб)** – башталгыч билим берүүчү мусулман окуу жайлары.

**Мударис** – ислам дини боюнча билимдүү адистер болуп, фикх, ислам адеби, хадистаануу, ислам укугу, араб тилинин грамматикасы боюнча медреселерде сабак бергендер.

**Мударискана** – мударистер бөлмөсү.

**Мутавали** – медреселердин уюштуруучулары жана ээлери, алар хандар, ханайымдар, ханзаадалар, ири соодагерлер, диний аалымдар, молдолор, бектер, манаптар, кол башчылар жана тигил дүйнөнү ойлоп соопчулук кылгысы келген колунда бар адамдар болгон.

**Намазкана** (мечит) – мектеб-медреселердеги намаз окуучу жайлар.

**Сандал** – суукта алдына от жагылып турган үстөл сыяктуу буюмдар.

**Орус-тузем мектеп**тери – орус жана жергиликтүү элдердин балдарын бирге окуткан падышылык орусия тарабынан ачылган мектептер.

**Парваначы** – Кокон хандыгындагы бийик даража, хандан кийинки экинчи киши.

**Талаба** – медреселердин жана мектебдердин окуучулары, студенттери.

**Үжүрө** (кельи) – мектеб-медреселердеги жатакана бөлмөлөрү.

**Фикх** – мусулман укук илими (ислам юриспруденциясы).

**Хадис** (араб тилинен, бизче – «жаңылык», «кабар», «аңгеме»). Аларда мухаммед пайгамдардын кылган иштери, айткан сөздөрү мусулмандардын диний-укуктук эреже-нормалары катары берилет.

**Чаркитаб** («чаркитаб», же кыргызча которгондо «төрт китеп») – IX кылымда эле шарафутдин аль-бухари тарабынан түзүлгөн жана XII кылымдын этек ченинде фаридитдин аттар кошумча киргизген мектебдин окуу китеби.